## Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренеси, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренеси, "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4, 7, 31-беренелери, 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы.

**Аудиттин максаты:** "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилген параметрлерге жана бюджеттик мыйзам чөйрөсүндөгү жана башка укуктук ченемдик актыларга ылайык, 2021-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы.

**Аудиттин түрү:** Шайкештик аудити.

### Аудитордун милдети

Аудитордун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) республикалык бюджеттин аткарылышынын шайкеш келүүсүнө карата өз алдынча корутундуга келүүсүндө турат.

### Жетекчиликтин жоопкерчилиги

Мамлекеттик каражаттарды тескөө жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу функциясын аткарган аткаруу бийлигин мамлекеттик органы, ошондой эле, бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги эсептелет[1].

Финансы министрлигинин ишине жалпы жетектөөнү министр жүргүзөт жана Министрликке жүктөлгөн милдеттердин аткарылышна жеке жоопкерчилик тартат.

### Аудит предмети

Аудиттин предмети болуп, 2021-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет эсептелет.

### Аудит критерийлери

Критерийлер деп, колдонуудагы мыйзам талаптарына 2021-жылга республикалык бюджеттин аткарылышынын шайкеш келишин баалоону эсептейбиз: Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, 2021-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам, 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары жана буйруктары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору

---

[1] КР Министрлер Кабинетинин 15.11.2021 №253 «Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө» токтому

жана тапшырмалары, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин токтомдору жана буйруктары, 2021-жылы бюджеттик процесстин катышуучуларынын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын жана башка ченемдик-укуктук актылары.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 токтому менен бекитилген, Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган), шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык иш жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүүсү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптарды сактоону, ошондой эле аудиттин предмети, анын бардык олуттуу аспектеринде мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келээрине негиздүү ишенимди алуу үчүн пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Аудит тарабынан мамлекеттик каражаттарды тескөө жаатындагы мамлекеттик саясатты, финансылык отчетту түзүү чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу боюнча функцияларды камсыздаган мыйзам талаптарына, Финансы министрлигинин атынан Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин ишинин шайкеш келүүсү изилденди.

Аудит, республикалык бюджеттин аткарылышы бюджеттик ченемдик актыларга ылайык жүргүзүлгөндүгүн тастыктоочу корутундуларды, жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну өзүнө камтыйт.

Аудит, ушул отчетто жазылган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, чогултулган аудитордук далилдер талаптагыдай жана жетиштүү деп эсептейт.

Аудит тарабынан Финансы министрлигинин борбордук аппараты жана анын ведомстволук бөлүмдөрү: Борбордук казыналык, Финансылык-кредиттик фонд, Мамлекеттик салык кызматы, Мамлекеттик бажы кызматы камтылган.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгында, ушул отчётто жазылган айрым позициялардан сырткары, 2021-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы бардык олуттуу аспекттерде мыйзам талаптарына шайкеш келгендигин аныктадык.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы**

**Аныкталды**

2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын 9 пункттан турган жазма буйругунун ичинен 4 пункт аткарылган, 3 пункт жарым-жартылай аткарылган, 2 пункт аткарылган эмес.

Бюджетке калыбына келтирилүүгө тиешелүү болгон 22 373,0 млн. сом суммасынын ичинен 17 449,0 млн. сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 4 924,2 млн. сомду түзгөн, анын ичинен:

- «Кумтор Голд Компани» ЖАКынан максатсыз багытта пайдаланылган 4 915,7 млн. сом суммасындагы каражаттар;
- ТМБлардын жана алыш-бериш эсептериндегик аражаттардын ченемден ашык калдыктары – 7,3 млн.сом;
- ӨЖЭЖКПМКнин Тармак аралык окуу борборунун коммерциялык банктардагы эсептердеги каражаттардын калдыктары – 1,2 млн сом.

Эсептөө палатасынын 12 пункттан турган сунушунун ичинен 5 пункт аткарылган, 4 пункт жарым-жартылай аткарылган, 3 пункт аткарылган эмес.

2019 жана 2018-жылдарга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, калыбына келтирилбеген суммалардын калдыктары тиешелүү түрдө 733,7 млн. сомду жана 44,7 млн. сомду түзгөн.

**Корутунду**

Финансы министрлиги тарабынан жазама буйруктун жана сунуштардын толук аткарылышы камсыздалган эмес.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

2020, 2019 жана 2018-жылдарга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын жана сунуштарын толук аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн, ал жерде калыбына келтирилбеген суммалар тиешелүү түрдө 4 924,2 млн. сом, 733,7 млн. сом жана 44,7 млн. сом каражаттарды түзгөн.

**2021-жылга негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн аткарылышын жана алардын мамлекеттик бюджеттин аткаруу көрсөткүчтөрүнө таасирин талдоо**

2021-жылы ИДПнын реалдуу өсүүсү 3,6% денгээлинде түзүлгөн, бул болсо, 2020-жылдагы тиешелүү мезгилдин деңгээлинен 12,0 пайыздык пунктка жогору, ал эми ИДПнын номиналдуу көлөмү 723,1 млрд. сом[2] деңгээлинде түзүлгөн.

«Кумтөр» кенин иштетүү боюнча ишкананы эсепке албаганда, экономиканын өсүүсү 3,9%ды түзгөн (2020-жылы азайышы 8,9%).

2021-жылга керектөө баасынын индекси өткөн жылдын декабрына карата 11,2%ды түзгөн (2020-жылга, 2019-жылдын декабрына карата 9,7%).

[2] Улуттук Статкомитеттин алдын ала маалыматтары

Доллардын эсептик курсу 2020-жылдын декабрынын аягына карата 2,55%га көбөйгөн жана 2021-жылдын декабрынын аягында 84,7586 сом/АКШ долларын түзгөн.

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча өнөр жай продукциясын өндүрүү реалдууу түрдө 9,0%га көбөйгөн (2020-жылы 6,6%га азайган) ал, иштеп чыгуучу өнөр жайында 7%, энергетикалык сектордо 1,2% жана пайдалуу кендерди өндүрүүдө 21,2% эсебинен болгон. Кумтөрдү эсепке албаганда, өнөр жайда 15,6% өсүү болгон (2020-жылы 8,6%га азайган).

2021-жылы кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү реалдуу өсүү 6,9%ды түзгөн (2020-жылы 11,1%га азайган). Дүң жана чекене соода, автомобилдер менен мотоциклдерди оңдоо 10,5%ды түзгөн, мында, чекене сооданын өсүүсү (автомобилдер менен мотоциклдерди соодалоодон сырткары) 12,9%ды түзгөн.

Мейманкана жана ресторандар кызмат көрсөтүүлөрү 2021-жылы 13,7%га өскөн (2020-жылы 42,4%га азайган), бул, керектөө суроо-талабынын көбөйүүсүнө байланыштуу болгон.

2021-жылы почта жана курьердик кызмат көрсөтүү иши 2020-жылга салыштырмалуу 0,1%га азайган, байланыш кызматы 13,2%га көбөйгөн.

Жүргүнчүлөрдү ташуу кызматы 2021-жылы 19,5%га көбөйгөн. Транспорттун бардык түрү менен ташылган жүктүн көлөмү 15,9%га көбөйгөн (2020-жылы 27,9%га азайган),

2021-жылга айыл чарба, токой чарба жана балыкчылык продукцияларынын көлөмү 5,0%га азаюу менен, 324 283,1 млн. сомду түзгөн (2020-жылы 1,0%га өскөн).

2021-жылы каржылоонун бардык булактарынын эсебинен, негизги капиталга инвестицияларды өздөштүрүү деңгээли, өткөн жылга салыштырмалуу 5,9%га азайган (2020-жылы 24,3%га азайган). Отчеттук жылга карата негизги капиталга 122 260,6 млн. сом инвестициялар өздөштүрүлгөн.

Пайдаланылган капиталдык инвестициялардын жалпы көлөмүнүн натыйжасында, 2021-жылга курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 4,8%га азаюу менен 146 964,1 млн. сомду түзгөн (2020-жылы 15,6%га азайган).

2021-жылдын декабрынын аягында расмий катталган жумушсуздардын саны 76,0 мин адамды түзгөн жана 2020-жылга салыштырмалуу 0,9%га азайган (2020-жылы 0,7%га өскөн).

2021-жылы орточо бир айлык эмгек акынын реалдуу өсүүсүнүн азайышы 2,1%ды түзгөн, номиналдуу көрсөткөндө орточо бир айлык эмгек акы 20 249 сом деңгээлинде түзүлгөн.

Алдын ала маалыматтар боюнча 2021-жылга тышкы соода жүгүртүүсү 7 229,0 млн. АКШ долларын түзгөн жана 2020-жылга салыштырмалуу 27,0%га көбөйгөн, анын ичинен: экспорт – 1 658,9 млн. АКШ доллары (15,9%га азайган) жана импорт – 5 570,1 млн. АКШ доллары (49,8%га көбөйгөн).

Экспорттун үстүнөн импорт көлөмүнүн өсүүсүнө байланыштуу, соода балансынын терс калдыгы 3 911,2 млн. АКШ доллрын түзгөн. 2021-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы, кирешелер боюнча - 187,4 млрд.

сомду (99,6%), чыгымдар боюнча - 191,0 млрд.сомду (92,1%) түзгөн. бюджеттин тартышытыгыны чектелген өлчөмү 3,5 млрд.сомду түзгөн.

(млн.сом)

| Операциялык ишке байланыштуу акча каражаттарынын агымы | 2021-жыл (бекитилген бюджет) | 2021-жыл (такталган бюджет) | 2021-жыл (факт) | Четтөө | % га аткаруу |
|---|---|---|---|---|---|
| Кирешелер (1) | 172 891,6 | 188 189,6 | 187 439,7 | -749,9 | 99,6 |
| Чыгымдар (ФА эсепке албастан) (2) | 181 354,8 | 207 400,6 | 190 981,9 | -16 418,6 | 92,1 |
| Тартыштык (1-2) | -8 463,2 | -19 211,0 | -3 542,2 | 15 668,8 | 18,4 |

Өткөн жылга салыштырмалуу, республикалык бюджеттин кирешелери 52,8 млрд. сомго же 39,3%га көбөйгөн. Финансылык эмес активдер менен жүргүзүлгөн операциялардан түшкөндөр 3,0 млн. сомду түзгөн (транспорттук каражаттарды сатуудан) (1-таблица).

Отчеттук жылга карата республикалык бюджеттин салыктык кирешелеринин көлөмү 132,1 млрд.сомду же пландан 99,5%ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу, салыктык кирешелер 40,3 млрд. сомго 43,8%[3]га көбөйгөн.

МБКнын салык кирешелери боюнча келип түшүүлөрдүн болжолдуу көрсөткүчтөрү аткарылган жок. Болжолдуу көрсөткүчтөр 48,4 млрд.сомду түзсө, факты жүзүндө келип түшүүлөр 46,9 млрд.сомду (96,9%) түзгөн. Бажы төлөмдөрү боюнча болжолдуу көрсөткүчтөрдүн аткарлбагандыгынын негизги себеби болуп, КЭР тарабынан киргизилген санитардык-эпидемиологиялык чаралар эсептелет.

Өткөн жылга салыштырмалуу, бажы төлөмдөрүнүн келип түшүүсү 62,2 %га өскөн же 18,0 млрд. сомго, бул болсо, импорттун көлөмүнүн өсүүсүнө байланыштуу болгон (Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча 2021-жылга импорттун көлөмү 5 570,1 млн. АКШ долларын түзгөн, өткөн жылга салыштырмалуу 48,9%)га[4] көбөйгөн.

Республикалык бюджетке салыктык эмес келип түшүүлөр 41,5 млрд. сомду түзгөн же пландан 102,6% жана өткөн жылга салыштырмалуу 10,6 млрд. сомго көбөйгөн. Расмий трансферттердин келип түшүүсү 13,7 млрд. сомду түзгөн. пландуу көрсөткүч 92,1%га аткарылган, негизинен, мамлекеттик инвестициялардын гранттарынын жеткире түшпөгөндүгүнө байланыштуу болгон. 2020-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, келип түшүүлөр 1,9 млрд. сомго көбөйгөн (2-таблица).

Аудит тарабынан, келечектеги төлөмдөрдүн эсебине (авансалар) келип түшүүлөрдүн эсебинен, республикалык бюджеттин кирешелерин толуктоо учурлары белгиленген.

[3] 2021-жылга республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы боюнча МСКнын иши жөнүндө толук маалымат МСК отчетунда

Алсак, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 26.07.2021-жылдагы №111-б буйругуна жана Улуттук банктын Башкармасынын 02.08.2021-жылдагы №41/1 токтомуна ылайык, 2021-жылга Улуттук банктын ишинин алдын ала жыйынтыктары боюнча 2,5 млрд. сом суммасындагы киреше, 2021-жылдын августунда республикалык бюджеттин кирешесине чегерилген.

Ушундай эле, «Кыргызалтын» ААКсы келечектеги мезгилдин дивиденддердин төлөө эсебине, 1 245,7 млн. сом аванс чегерилген.

Бюджеттик резолюцияга жана ФСНБга ылайык, 2021-2023-жылдары мамлекеттик чыгымдар саясатынын максаты, артыкчылыктуу эмес чыгымдарды кыскартуу менен, бардык социалдык милдеттенмелерди аткаруу менен, мамлекеттик чыгымдардын социалдык багыттуулугун сактоо эсептелет.

2020-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, республикалык бюджеттин чыгымдары 36,5 млрд.сомго көбөйгөн (анын ичиненбюджетик каражаттар – 25,9 млрд. сом, атайын эсептин каражаттары – 3,9 млрд. сом, МИП каражаттары – 6,7 млрд. сом).

2021-жылга республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары (атайын эсептин каражаттарын, тышкы гранттарды жана МИП кредиттерин эске албастан) 165,0 млрд. сомго (96,4%) такталган план алдында 159,1 млрд. сомду түзгөн. ИДП көлөмүнө карата республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары 22,0 %ды түзгөн (3-таблица).

Мында, аудиттин пикири боюнча, 6 809,1 млн. сом суммасында бюджеттин ресурстук бөлүгүнө келип түшүүлөр, бюджеттин киреше жана чыгымдар бөлүгүнүн статистикалык көрсөткүчтөрүн көбөйткөн, анын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 10.12.2021-жылдагы №326-б буйругуна ылайык, Финансы-кредиттик фонд тарабынан бөлүнгөн каражаттардын эсебинен, “Кыргыз темир жолу” Улуттук компаниясы” МИ 500,0 млн сом КМК суммасындагы ссудасын төлөө;
- “Мамлекеттик, муниципалдык акциялардын пакетине эсептелген дивиденддер” беренеси боюнча - 285,0 млн. сом жана “Мамлекеттин пайдасына жүгүртүлгөн кирешелер” беренеси боюнча - 600,0 млн. сом, бардыгы 885,0 млн. сом суммасындагы каражаттар «РСК Банк» ААКсына чегерилген. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 20.09.2021-жылдагы №191-б буйругуна ылайык, 885,0 млн. сом каражаттар «РСК Банк» ААКсынын капиталын көбөйтүүгө багытталган.

Натыйжада, бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү, РСК Банк» ААКсынын төлөмдөрүнүн эсебинен жүргүзүлгөн, алар андан кийин төмөндөгүлөргө багытталган:

- “МИК” ААКсынан 4 680,1 млн. сом суммасындагы каражаттардын “Финансылык мекемелер тарабынан ссудаларды төлөө” беренеси боюнча келип түшкөн. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 27.07.2021-жылдагы №115-б буйругуна ылайык, “МИК” ААКсынын уставдык капиталын көбөйтүүгө багытталган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 22.10.2021-жылдагы №252-б буйругунун негизинде, финансылык үзгүлтүктөрдү жана кирешелердин түшпөй калышын компенсациялоого, Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетине 744,0 млн сом суммасындагы максаттуу трансферттер бөлүнгөн. Алар, Бишкек мэриясы тарабынан бюджеттик ссуданы төлөө үчүн, республикалык бюджетке кайтарылган. Бул каражаттар "Жергиликтүү башкаруу органдары тарабынан бюджеттик ссудаларды төлөө" эсебине, республикалык бюджеттин ресурстары катары келип түшкөн.

**2021-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамга бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун форматынын жана түзүмүнүн туура келиши, республикалык бюджетти түзүү жана аткаруу процессин жөнгө салуучу ченемдердин сакталышы**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 14-беренесине ылайык, республикалык жана жергиликтүү бюджеттер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин түзөт. Бирок, Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетко Түшүндүрмө катта, алдын ала отчеттук маалыматтар курамында, Социалдык фонддун жана ММКФнын жалпы 40,5 млрд.сом суммасындагы бюджеттерин камтыган, 312,2 млрд. сом суммасындагы Кыргыз Республикасынын топтолгон бюджетинин ресурстук бөлүгү көрсөтүлгөн.

Финансы министрлигинин 25.11.2021-жылдагы "2021-жылга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин аткаруу жыйынтыктар жөнүндөгү отчетту түзүү тууралуу" буйругу менен белгиленген, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги жана Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусу тарабынан отчетту берүү мөөнөтүн бузуунун натыйжасында, республикалык бюджеттин дебитордук жана кредиттик карыздары жөнүндө отчеттук маалыматтар өз убагында түзүлгөн эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетко Түшүндүрмө катта, Социалдык фонддун жана ММКФнын бюджеттерин камтыган, Кыргыз Республикасынын топтолгон бюджетинин ресурстук бөлүгү көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги жана Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусу тарабынан отчетту берүү мөөнөтүн бузуунун натыйжасында, республикалык бюджеттин дебитордук жана кредиттик карыздары жөнүндө отчеттук маалыматтар өз убагында түзүлгөн эмес.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

2021-жылга отчетту берүү мөөнөтүн бузган, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги менен Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусунун жоопкерчиликтери каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетко Түшүндүрмө катты, мамлекеттик бюджеттин көрсөткүчтөрүн чагылдыруу менен, Бюджеттик кодекстин 14-беренесине ылайык келтирсин.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренеси менен, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин белгилөөнүн, түзүүнүн жана кирешелерин аткаруунун жана чыгашалык милдеттенмелерин жүзөгө ашыруунун, бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүүнүн жана бюджеттердин жана бюджеттик мекемелердин отчеттуулугун түзүүнүн бирдиктүү тартиби белгиленген.

Мамлекеттик билим берүү грантынын[5] өлчөмүнүн негизинде, республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бирдиктүү принцибине каршы келет. Алсак, Жобого ылайык, бирдиктүү топтоо беренесинде, студенттердин тамак-ашына жана стипендияларына кеткен чыгымдардан сырткары, республикалык бюджеттин каражаттары боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчётто республикалык бюджетти каржылоо суммасы көрсөтүлгөн. Мында, факты жүзүндөгү жана кассалык чыгымдар, экономикалык классификациялоо чыгымдарынын бардык беренелери боюнча бөлүп көрсөтүлгөн.

Транспорт министрлигинин алдындагы ЖЧДнын бюджеттик каражаттары боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, “Негизги фонддор” беренесинин 31113320 “Жолду капиталдык оңдоо” элементи боюнча, 1 053 994,6 миң сом суммасындагы кезектеги чыгымдар эсепке алынган, анын ичинен: корлор - 400 830,1 миң сом, кызмат көрсөтүүлөр - 342 942,5 миң сом, эмгек акы - 262 143,6 миң сом, командировкалык чыгымдар - 4 603,5 миң сом жана Социалдык фондго чегерүүлөр - 43 474,9 миң сом.

Бюджеттик классификация[6] менен, “Эмгек акы”, “Социалдык керектөөлөргө төгүмдөр/чегерүүлөр”, “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдалануу” сыяктуу тиешелүү беренелер жана топтор каралган.

Бюджеттик кодекстин 105-беренесине ылайык, бюджеттин бардык ресурстары Бирдиктүү казыналык эсепке тезинен чегерилүүгө тийиш. Бирок, мамлекеттик (республикалык жана жергиликтүү) бюджетти жана ММКФ бюджетин аткаруу жөнүндө отчеттордун маалыматтары КЭК жана Мамлекеттик бюджет боюнча башкы китептин балансынын жыйынды отчетунун маалыматтарына дал келүүгө тийиш (Кыргыз Республикасынын саясий, экономикалык, экологиялык жана социалдык туруктуулугуна

[5] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.07.2016-жылдагы №370 токтому менен бекитилген

[6] Финансы министрлигинин 21.12.2017-жылдагы №161-б буйругу менен бекитилген

коркунуч келтирген кырдаалдарды жоюу үчүн Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечими боюнча өзгөчө учурларда аныкталган каражаттардан тышкары) бөлүгүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 10.12.2021-жылдагы №301 токтому менен “Эсепке алуу жана отчет берүү боюнча бюджетти болжолдоого жана аткарууга карата ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жол-жоболору жөнүндө” Нускамага[7] киргизилген өзгөртүүлөр Бюджеттик кодекстин көрсөтүлгөн ченемине каршы келет.

Транспорт министрлигинин 02.05.2017-жылдагы №162 буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасындагы жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын күтүү жана оңдоо боюнча ишти пландоо жана жүргүзүү жөнүндө” Жобо менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.02.2017-жылдагы №68 токтому менен бекитилген, “ЖЧД жөнүндө” Жобонун титулдук тизмени бекитүү бөлүгүндө карама-каршылык бар. Ошентип, Өкмөттүн токтомуна ылайык Жобонун ченемдерин бузуу менен, 1 563,5 млн. сом суммасындагы 2021-жылга титулдук тизменин долбоору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн макулдугусуз бекитилген.

Бюджеттик мыйзамда тиешелүү депозиттик өздүк эсепте акча каражаттары жетишсиз болгондо, депозиттик эсептен каражаттарды чегерүүгө жол берген ченем жок, бул болсо, БКЭде топтолгон акча каражаттарынын жоготуу тобокелдигине алып келет. Алсак, депозиттик эсеп боюнча көчүрмөлөрдү түзүүдө жана ушул эсеп боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчеттун маалыматтары менен салыштырууга жүргүзүлгөн тандалма аудитте, терс калдык төмөндөгүлөрдү түзгөн: 31.03.2021-жылга - 44,9 миң сом, 15.04.2021-жылга - 676,5 миң сом. жыл аягында жол берилген терс калдык, эсепте жетиштүү каражаттар жок туруп, депозиттик эсептен каражаттарды факты жүзүндө чегерүү жөнүндө билдирет.

**Корутунду**

Мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмүнүн негизинде, республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетин 10.12.2021-жылдагы №301 токтому менен “Эсепке алуу жана отчет берүү боюнча бюджетти болжолдоого жана аткарууга карата ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жол-жоболору жөнүндө” Нускамга киргизилген өзгөртүүлөр, Бюджеттик кодекстин көрсөтүлгөн ченемине каршы келет.

Транспорт министрлигинин алдындагы ЖЧДнын кезектеги чыгымдары (эмгек акы, командировкалык чыгымдар, Социалдык фондго чегерүүлөр) 311 “Негизги фонддор” чыгымдар категориясы боюнча көрсөтүлгөн, бирок, БЮджеттик классификацияга ылайык, чыгымдар топтор, беренелер жана элементтер боюнча бөлүштүрүлөт.

---

[7] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 16.08.2017-жылдагы №488 токтому менен бекитилген

Бюджеттик мыйзамда тиешелүү депозиттик өздүк эсепте акча каражаттары жетишсиз болгондо, депозиттик эсептен каражаттарды чегерүүгө жол берген ченем жок, бул болсо, БКЭде топтолгон акча каражаттарынын жоготуу тобокелдигине алып келет.

Транспорт министрлигинин 02.05.2017-жылдагы №162 буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасындагы жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын күтүү жана оңдоо боюнча ишти пландоо жана жүргүзүү жөнүндө" Жобо менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.02.2017-жылдагы №68 токтому менен бекитилген, "ЖЧД жөнүндө" Жобонун титулдук тизмени бекитүү бөлүгүндө карама-каршылык бар.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Төмөндөгүлөрдү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин ченемдерине ылайык келтирүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине киргизсин:

- Мамлекеттик билим берүү грантынын негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартибин[8];
- "Эсепке алуу жана отчет берүү боюнча бюджетти болжолдоого жана аткарууга карата ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жол-жоболору жөнүндө" Нускаманы[9] (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин10.12.2021-жылдагы №301 токтому менен киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен);
- Борбордук казыналык менен бирге, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренеси менен белгилеген, бирдиктүүлүк принцибине ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы ЖЧДнин отчетунун жана болжолдуу көрсөткүчтөрдүн туура түзүлүшү маселесин карасын.

Ошондой эле, тиешелүү депозиттик өздүк эсепте акча каражаттары жетишсиз болгондо, депозиттик эсептен каражаттарды чегерүүгө жол бербөөнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.07.2017-жылдагы №444 "Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибине тиешелүү өзгөртүүлөрдү белгиленген тартипте киргизилиши демилгеленсин.

**Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигине**

- Транспорт министрлигинин 02.05.2017-жылдагы №162 буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасындагы жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын күтүү жана оңдоо боюнча ишти пландоо жана жүргүзүү жөнүндө" Жобо[10] менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.02.2017-жылдагы №68 токтому менен бекитилген, "ЖЧД

[8] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.07.2016-жылдагы №370 токтому менен бекитилген
[9] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 16.08.2017-жылдагы №488 токтому менен бекитилген
[10] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.02.2017-жылдагы №68 токтому менен бекитилген

жөнүндө” Жобонун титулдук тизмени бекитүү бөлүгүндө карама-каршылыкты четтетүү боюнча чаралар көрүлсүн;

- Кийинки бюджеттик жылы титулдук тизмени бекитүү, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол чаба департаменти жөнүндөгү Жобого ылайык келтирилсин.

**Аныкталды**

“Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-бернесине ылайык, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлгөн мекемелер казыналыктын тутумунан сырткары бардык эсептерди жабышы керек.

Бюджеттик кодекстин 105-беренесинин 6-пунктун жана 2021-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамдын 14-беренесин бузуу менен, коммерциялык банктарда казыналыктын тутумунан сырткары эсептери болгон, ал жерде 2021-жылдын аягында калдыктар төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- ӨЖЭЖКПМКнин ведомстволук уюмдары: Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту (ЭЭИИИ) жана «Энергодолбоор» Кыргыз мамлекеттик илимий-изилдөө жана долбоорлоо-изилдөө институту (Энергодолбоор) 295,9 миң сом жана 3 993,0 миң сом;
- МСК, акциз маркаларын сатуудан түшкөн каражаттарды чегерүү жана жабдуучулар менен түзүлгөн келишимге ылайык, даярдоо үчүн аларды андан ары чегерүү үчүн ачылган - 418,9 миң АКШ доллары жана 2,7 миң сом;
- Башкы прокуратура - 700,0 АКШ доллары жана 1 500 росс. рубли (61,0 миң сом);
- ТИМ – 3 492,0 миң сом (БКЭге 10.01.2022-жылы чегерилген);
- Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемеси - 124 950,5 миң сом. Жыл бою мекеме тарабынан казыналыктын тутумуна сырткары 895 372,5 миң сом пайдаланылган (2022-жылдан тартып акча операциялары Борбордук казынада ачылган эсеп аркылуу жүргүзүлөт);

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай – коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Турак жай-жарандык курулуш департаменти «РСК» ААКсы-коммерциялык банкта тейленет, ал жерде “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча каржылоо 2,9% каражаттар эсебинен жүргүзүлөт. «РСК» ААКсында алыш-бериш эсебин ачууга уруксатты 13.03.2015-жылы Борбордук казыналык берген (Бюджеттик кодекс ишке киргизилгенге чейин). 2021-жылы коммерциялык банктагы Турак жай-жарандык курулуш департаментинин эсебине келип түшүүлөр 93,1 млн. сомду түзгөн, бул каражаттар Бюджеттик кодекстин 105-беренесин бузуу менен, казыналыктын тутумунан сырткары коммерциялык банктагы эсепке чегерилген.

Бюджеттик кодекстин 6 жана 106-беренесин бузуу менен, Жаратылышты өнүктүрүү фондунун жана Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөш фондунун 6 804,7 миң АКШ доллары (459 769,7 миң сом) каражаттары, Борбордук казыналыктын Бирдиктүү казыналык эсебине чегерилген эмес.

**Корутунду**

Бюджеттик кодекстин 105-беренесинин 6-пунктун жана 2021-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамдын 14-беренесин бузуу менен, айрым мамлекеттик органдар менен мекемелердин коммерциялык банктарда казыналыктын тутумунан сырткары турган эсептери болгон.

2021-жылы коммерциялык банктагы Турак жай-жарандык курулуш департаментинин эсебине келип түшүүлөр 93,1 млн. сомду түзгөн, бул каражаттар Бюджеттик кодекстин 105-беренесин бузуу менен, казыналыктын тутумунан сырткары коммерциялык банктагы эсепке чегерилген.

Бюджеттик кодекстин 6 жана 106-беренесин бузуу менен, Жаратылышты өнүктүрүү фондунун жана Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөш фондунун 6 804,7 миң АКШ доллары (459 769,7 миң сом) каражаттары, Борбордук казыналыктын Бирдиктүү казыналык эсебине чегерилген эмес.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

Бюджеттик кодекстин 6 жана 106-беренесине ылайык, Жаратылышты өнүктүрүү фондунун жана Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөш фондунун каражаттарын тезинен Бирдиктүү казыналык эсепке чегерүү боюнча чаралар көрүлсүн[11].

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Каражаттардын калдыктарын Бирдиктүү казыналык эсепке которуу жана Бюджеттик кодекстин 105-беренесине ылайык, Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институтунун (ЭЭИИИ) жана «Энергодолбоор» Кыргыз мамлекеттик илимий-изилдөө жана долбоорлоо-изилдөө институтунун, Мамлекеттик салык кызматынын, Юстиция министрлигин алдындагы ЖАМКнын №16 мекемесинин, Башкы прокуратуранын, Тышкы иштер министрлигинин коммерциялык банктардагы эсептерин жабуу боюнча чаралар көрүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай – коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Турак жай-жарандык курулуш департаменти менен бирге, Бирдиктүү казыналыктын алкаганда ачылган республикалык бюджеттен каржылоого Турак жай-жарандык курулуш департаментин которуунун

[11] “Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондунун” жана “Жаратылышты өнүктүрүү фондунун” эсептерине келип түшкөн каражаттардын деталдуу талдоосу 1-тиркемеде

натыйжалуулугу маселеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизилсин.

**Аныкталды**

Бюджеттик мекемелерди каржылоодо, “Жылдык отчеттор боюнча эсептеги каражаттардын калдыктарын жана товардык материалдык баалуулуктардын ченемден ашык запастарын чегерүү тартиби жөнүндө” Нускаманы[12] бузуу менен, Финансы министрлиги жана айрым мамлекеттик органдар боюнча жалпы 63 036,7 миң сом суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык запастарын жана алыш-бериш эсептериндеги 28 042,5 миң сом суммасындагы калдыктарды чегерүү жүргүзүлгөн эмес (2-тиркеме).

Ошондой эле, 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча, Жол чарба департаментинин бөлүмдөрүнүн ТМБларынын ченемден ашык 34 233,1 миң сом суммасындагы калдыктары чегерилген эмес (2022-жылы кайрадан түзүлгөн Транспорт министрлигин алдындагы "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасына кошулган).

**Корутунду**

Финансы министрлиги жана анын органдары тарабынан айрым мамлекеттик органдар боюнча жалпы 63 036,7 миң сом суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык запастарын жана алыш-бериш эсептериндеги 28 042,5 миң сом суммасындагы калдыктарды чегерүү жүргүзүлгөн эмес (аудиттин жүрүшүндө тиешелүү түрдө 20 508,8 миң сом жана 3 551,2 миң сом чегерилген).

Ошондой эле, 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча, Жол чарба департаментинин бөлүмдөрүнүн ТМБларынын ченемден ашык 34 233,1 миң сом суммасындагы калдыктары чегерилген эмес

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги** 2022-жылга такталган бюджетти түзүүдө, төмөндөгүлөрдү эске алсын:

- 42 527,9 миң сом суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык запастарын жана 24 491,3 миң сом суммасындагы алыш-бериш эсептериндеги калдыктарды;
- 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча, Жол чарба департаментинин бөлүмдөрүнүн ТМБларынын ченемден ашык 34 233,1 миң сом суммасындагы калдыктарын.

**Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн аткаруу боюнча ресурстардын администраторлорунун иши**

**Аныкталды**

[12] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы №694 токтому менен бекитилген

Бюджеттик кодекстин 18-беренесине ылайык, мамлекеттик токтой фондунун пайдасына токойду пайдалануудан келип түшкөн каражаттар республикалык бюджетке чегерилет.

Администратордун функциясын, Кыргыз Республикасынын бюджетинин ресурстарынын администраторлору тарабынан функцияларды аткаруу боюнча колдонмого[13] ылайык, Мамлекеттик токой чарба агенттиги жүргүзөт.

Токойду пайдалануудан келип түшкөн 42 097,1 миң сом суммасындагы каражаттар боюнча карыздар болуп туруп, Финансы министрлиги тарабынан администратор катары Мамлекеттик токой чарба агенттигине, 2021-жылдын салык эмес кирешелери боюнча болжолдоо планы жеткирилген эмес.

**Корутунду**

Токойду пайдалануудан келип түшкөн 42 097,1 миң сом суммасындагы каражаттар боюнча карыздар болуп туруп, Финансы министрлиги тарабынан админитсратор катары Мамлекеттик токой чарба агенттигине, 2021-жылдын салык эмес кирешелери боюнча болжолдоо планы жеткирилген эмес.

**Сунуш**

Финансы министрлиги Бюджеттик кодекстин 6-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган бардык кирешелерди толук көрсөтүү принцибин сактоо боюнча чараларды көрсүн.

Мамлекеттик токой чарба агенттиги дебитордук карызды инвестициялоону жүргүзсүн жана карыздардын бюджеттин кирешесине келип түшүүсү боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды**

Улуттук Статкомитеттин отчеттук маалыматтарына ылайык 1 литр үчүн 17 сом базалык коюм (ставка) жана 20 424,9 мин литр көлөмүндө өндүрүлгөн пиво боюнча, бюджетке түшүү боюнча акциздик салыктын суммасы 347,2 млн. сомду түзүшү керек, бюджетке факты жүзүндө 288,7 млн. сом келип түшкөн, же жеткире түшпөгөн сумма 58,5 млн. сомду түзгөн.

**Корутунду**

Бюджетке пиво боюнча акциз салыгынын келип түшүүлөрүн жетиштүүү деңгээлде талдоо жүргүзүлбөйт.

**Сунуш**

**Финансы министрлиги** Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына мониторинг жүргүзүү жөнүндө Жобого[14] ылайык, бюджетке кирешелердин келип түшүүсүн көзөмөлдөө боюнча ишти күчөтсүн жана республикалык бюджетке кирешелерин келип түшүү резервдери боюнча чаралар көрсүлсүн.

**Аныкталды**

---

[13] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2015-жылдагы №604 токтому менен бекитилген

[14] Финансы министрлигинин 24.08.2018-жылдагы №91-б буйругу менен бекитилген

“Электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик тутуму жөнүндө” Жобонун[15] 8-пунктун бузуу менен, «Инфо-Система» МИ («Инфоком» МИнин курамына кирди) «Демир кыргыз интернэшнл банк» ЖАКында, «РСК Банк» жана «Оптима банк» ААКларында ачылган өздөрүнүн алыш-бериш эсептеринде бюджеттик каражаттарды топтоо жана тиешелүү төлөм тапшырмаларын тариздөө менен, андан ары казыналыктын тутумуна чегерүү түрүндө өзүнө таандык эмес техникалык оператордун функциясы аткарган. Мында, банктар «Инфо-Система» МИнин көрсөтүлгөн эсептерин тейлегендиги үчүн, мамлекеттик бюджетке чегерилүүгө тиешелүү болгон төлөмдөрдү эсебинен төлөмдөрдү алган, алар 149,9 миң сомду түзгөн, анын ичинен: «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАКы – 2,3 миң сом, «РСК Банк» ААКсы – 125,0 миң сом, «Оптима банк» ААКсы - 22,6 миң сом.

Мындан сырткары, салык жана салыктык эмес төлөмдөрү топтоо жана Борбордук казыналыкка андан ары чегерүү үчүн багытталган, «Инфо-Система» МИнин алыш-бериш эсебине ЖКЭ бузгандыгы үчүн айып пулдардан келип түшкөн каражаттар 2020-жылы 44,1 миң сомду түзгөн, аудит учурунда бюджеттин кирешесине чегерилген эмес.

2019-жылдан 2021-жылга чейинки мезгил аралыгына карата, Борбордук казыналыкка андан ары чегерүү үчүн багытталган, салык жана салыктык эмес төлөмдөрдөн келип түшкөн 2 112,6 миң сом суммасындагы каражаттар, техникалык оператор тарабынан негизги иши боюнча өзүнүн алыш-бериш эсебине негизсиз которулган, анын ичинен, 1 044,6 миң сом кайтарылган, кайтарылбаган каражаттардын калдыгы 1 068,0 миң сомду түзгөн. Мунун натыйжасында, мамлекеттик бюджеттин кирешесине салык жана салыктык эмес төлөмдөрдөн 1 068,0 миң сом суммасындагы каражаттар жеткире түшкөн эмес. «Инфо-Система» МИнин 01.10.2021-жылга карата бухгалтердик балансы боюнча, бюджет алдындагы милдеттенмелер боюнча калдык жок.

Аудиттин пикири боюнча электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик тутумунун техникалык операторунун иш-аракетинде, лицензиялоого тийиш болгон төлөө уюмунун белгилери бар.

**Корутунду**

«Инфо-Система» МИ өздөрүнүн алыш-бериш эсептеринде бюджеттик каражаттарды топтоо түрүндө өзүнө таандык эмес техникалык оператордун функциясын аткарган.

Коммерциялык банктар «Инфо-Система» МИнин көрсөтүлгөн эсептерин тейлегендиги үчүн, мамлекеттик бюджетке чегерилүүгө тиешелүү болгон төлөмдөрдүн эсебинен акы төлөмдөрдү алган, алар 149,9 миң сомду түзгөн.

Салык жана салыктык эмес төлөмдөрү топтоо жана Борбордук казыналыкка андан ары чегерүү үчүн багытталган, «Инфо-Система» МИнин алыш-бериш эсебине Жол кыймыл эрежесин бузгандыгы үчүн айып

[15] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.10.2017-жылдагы № 709 токтому менен бекитилген

пулдардан келип түшкөн 2020-жылы 44,1 миң сомду түзгөн каражаттар бюджеттин кирешесине чегерилген эмес.

Борбордук казыналыкка андан ары чегерүү үчүн багытталган, салык жана салыктык эмес төлөмдөрдөн келип түшкөн 2 112,6 миң сом суммасындагы каражаттар, техникалык оператор тарабынан негизги иши боюнча өзүнүн алыш-бериш эсебине негизсиз которулган, анын ичинен, 1 044,6 миң сом кайтарылган, кайтарылбаган каражаттардын калдыгы 1 068,0 миң сомду түзгөн.

**Сунушу**

Финансы министрлиги төмөндөгүлөр боюнча чараларды көрсүн:

- Мамлекеттик бюджетке чегерилүүгө тиешелүү болгон төлөмдөрдү чегерүү үчүн, банктар тарабынан комиссиянын кармалышын токтотуу боюнча;
- «Инфо-Система» МИнден Жол кыймылынын эрежесин бузгандыгы үчүн айып пулдардан жеткире түшпөгөн 44,1 миң сомду түзгөн каражаттарды жана салык жана салык эмес төлөмдөрдөн чегерилүүгө тиешелүү болгон 1 068,0 миң сом суммасындагы каражаттардын калдыгын республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирүү боюнча.

«Инфо-Система» МИге жүргүзүлгөн аудиттин материалдары Башкы прокуратурага жөнөтүлсүн.

**Аныкталды**

Төлөөчүлөр төлөм тутумунун операторлору аркылуу, мамлекеттик бюджеттин пайдасына салык жана салык эмес төлөмдөрдү жүргүзөт.

Аудит тарабынан бардык эле төлөнгөн төлөмдөр казына тутумундагы бюджеттин ресурстарынын администраторлорунун эсебине келип түшпөгөндүгү аныкталган. Алсак, 2021-жылы жалпы 2 683,9 миң сом суммасындагы 1398 төлөм, коммерциялык банктар тарабынан БКЭге чегерилген эмес.

Аудит тарабынан, “Коопсуз шаар” жана “Электрондук пакет” долбоорлору боюнча салык төлөмдөрү жана айып пулдар боюнча карызды жабуу/жашыруу максатында, https://pay.okmot.kg платформасына техникалык оператор тарабынан жалган маалыматтарды киргизүү тобокелдиги бардыгы белгиленген.

https://pay.okmot.kg платформасы аркылуу ийгиликтүү жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн таза четтөөсүн эске алуу менен, электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик тутумуна кошулган ар кандай тутумдардын маалыматтарын бирдиктүү эсепке алуу жок, депозиттик эсепке келип түшкөн сумма 11 365,6 миң сомду түзгөн.

«Грин телеком сервис» ЖЧКсынан алынган 5 227,6 миң сом суммасындагы каражаттар, 01.01.2022-жылга карата депозиттик эсептин калдыктарында жок.

«Грин телеком сервис» ЖЧКсынан алынган 5 227,6 миң сом суммасындагы каражаттар, депозиттик эсептин калдыктарында жоктугу, олуттуу четтөө болуп эсептелет.

Төлөөчүлөрдөн алынган каражаттар бюджеттин кирешесине чегерилбегенине карабастан, төлөм тутумунун операторлору тарабынан көрсөтүлгөн 11 365,6 миң сом суммасындагы төлөмгө, “казынага түштү” статусу ыйгарылган.

**Корутунду**

Төлөөчүлөр төлөм тутумунун операторлору аркылуу жүргүзүлгөн, 2021-жылы жалпы 2683,9 миң сом суммасындагы 1398 төлөм, коммерциялык банктар тарабынан БКЭге чегерилген эмес.

Аудит тарабынан, техникалык оператор тарабынан жалган маалыматтарды киргизүү тобокелдигинин жогору экендиги белгиленген.

Электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик тутумуна кошулган ар кандай тутумдардын маалыматтарын бирдиктүү эсепке алуу жок.

«Грин телеком сервис» ЖЧКсынан алынган 5 227,6 миң сом суммасындагы каражаттар, 01.01.2022-жылга карата депозиттик эсептин калдыктарында жок.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

- «Грин телеком сервис» ЖЧКсынан алынган 5 227,6 миң сом суммасындагы каражаттар 4402011103031309 депозиттик эсептин калдыктарында жоктугунун себеби аныкталсын;
- Электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик тутумунун катышуучулары жана бюджеттин ресурстарынын администраторлору менен бирге, бюджеттин кирешесине чегерилбеген, “казынага түштү” статусу ыйгарылган, төлөм тутумунун операторлору тарабынан 11 365,6 миң сом суммасын тезинен чегерсин;
- Бюджеттин ресурсунун администраторлору менен бирге, 41 “төлөм жөнөтүлгөндүгү жөнүндө билдирүү” статусу менен, 2021-жылдан аягында 2 683,9 миң сомду түзгөн каражат бирдиктүүү казыналык эсепке келип түшүүсүн камсыздасын;
- Электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик тутумунун катышуучулары менен бирге электрондук төлөмдүн мамлекеттик тутумуна кошулган ар кандай тутумдардын маалыматтарын бирдиктүү эсепке алуу камсыздалсын.
- Ийгиликтүү жүргүзүлгөн төлөмдөр жана депозиттик эсепке келип түшкөн сумкалардын ортосунда четтөөлөргө жол бербөө жана электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик тутумунун катышуучулары жана бюджеттин ресурстарынын администраторлору менен бирге, бардык кабыл алынган төлөмдөрдү республикалык бюдежттин кирешесине чегерүү чаралары көрүлсүн.

**Санартиптик өнүктүрүү министрлиги** “Коопсуз шаар” жана “Электрондук пакет” долбоорлору боюнча салык төлөмдөрү жана айып пулдар боюнча карызды жашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү

https://pay.okmot.kg платформасына техникалык оператор тарабынан жалган маалыматтарды киргизүү тобокелдигин алып салуу боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды** [16]

Андан ары «Платежный шлюз» АИСине жүктөө үчүн, банктан кабыл алынган төлөмдөрдүн реестри боюнча «Инфо-Система» МИнин документтеринин архиви, «Инфоком» МИге, ошондой эле аудитке берилген эмес.

“Электрондук төлөмдүн мамлекеттик тутуму жөнүндө” Жобонун[17] 8-пунктун бузуу менен, аудит учурунда «Инфо-Система» МИде 2021-жылдын 9 айына карата мамлекеттик төлөм тутумунун операторлору менен толук көлөмдөгү салыштыруу актылары жок. Кабыл алынган жана чегерилген төлөмдөр боюнча финансылык отчет түзүлгөн эмес.

Мындан сырткары, «Инфоком» МИ «Финка-Банк», «Кыргызский инвестиционный кредитный банк» ЖЧКлары, «Кыргыз почтасы» МИ менен салыштыруу актыларын жүргүзгөн эмес. Аудиттин жүрүшүндө «Инфоком» МИ 2021-жылга төлөм тутумунун бардык операторлору менен, салыштыруу актысын түзүү боюнча иштер жүргүзүлдү.

«Кыргыз почтасы» МИ менен «Инфоком» МИнин (мураскер) эсептик маалыматтарынын ортосунда 1,0 млн.сомго жакын айырма бар.

**Корутунду**

Андан ары «Платежный шлюз» АИСине жүктөө үчүн, банктан кабыл алынган төлөмдөрдүн реестри боюнча «Инфо-Система» МИнин документтеринин архиви, «Инфоком» МИге берилген эмес.

«Инфо-Система» МИде 2021-жылдын 1-сентябрына карата мамлекеттик төлөм тутумунун жана коммерциялык банктын операторлору менен толук көлөмдөгү салыштыруу актылары жок.

«Кыргыз почтасы» МИ менен «Инфоком» МИнин эсептик маалыматтарынын ортосунда 1,0 млн.сомго жакын айырма бар.

Кабыл алынган жана чегерилген төлөмдөр боюнча финансылык отчет түзүлгөн эмес.

**Сунуш**

**«Инфоком» МИ:**

- Төлөм тутумунун бардык операторлору, коммерциялык банктар жана «Кыргыз почтасы» МИ менен салыштыруу актыларын түзүү камсыздалсын;
- «Кыргыз почтасы» МИ менен «Инфоком» МИнин эсептик маалыматтарынын ортосунда 1,0 млн.сомго жакын айырманын себеби аныкталсын.

**Республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышы**

**Аныкталды**

---

[16] Мамлекеттик электронду ктөлөмдөр тутуму аркылуу республикалык бюджетке түшкөн салык жана салыктык эмес каражаттардын толук түшүшүнө жана тууралыгына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө толук маалымат 3-тиркемеде

[17] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.10.2017-жылдагы №709 токтому менен бекитилген

Чыгымдарга керектөөнү тастыктаган керектүү эсептөөлөр жок туруп, Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматын, мамлекеттик финансылык көзөмөлдөө кызматын, КР НИСИни, Конституциялык сотту күтүүгө каржыланган чыгымдар сметалары боюнча бюджеттен ашыкча бөлүнгөн акча каражаттары, транспорт жана коммуналдык кызматтар, имараттардын ижарасы боюнча 1 288,1 миң сомду түзгөн.

Мамлекеттик органдын бюджетин түзүүдө, министрликтер жана ведомстволор тарабынан эмгек акы боюнча негизсиз эсептөөлөр берилген. Анын натыйжасында, “Эмгек акы” беренеси боюнча бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары ашыкча каржыланып, ал 48,7 млн. сомду түзгөн (4-таблица).

Тиешелүү эсептөөлөр берилбестен туруп, 2021-жылга окуу жайларынын чыгымдар сметасы түзүлгөн. Натыйжада, контратктык негизде окуган окуучунун окуусуна бюджеттик каражаттардын эсебинен жалпысынан 86 698,5 миң сом суммасы каржыланган, анын ичинен:

- Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университети - 19 535,0 миң сом;
- Республикалык маданият колледжи (Токмок ш.) - 6 110,3 миң сом;
- Билим берүү жана илим министрлигинин 16 орто кесиптик билим берүү уюмдары - 35 097,6 миң сом;
- 8 медициналык колледж- 23 984,2 миң сом;
- ТИМдин Дипломатиялык академиясы - 1 971,4 миң сом.

**Корутунду**

Чыгымдарга керектөөнү тастыктаган керектүү эсептөөлөр жок туруп, Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматын, Мамлекеттик финансылык көзөмөлдөө кызматын, КР НИСИни, Конституциялык сотту күтүүгө каржыланган чыгымдар сметалары боюнча бюджеттен ашыкча бөлүнгөн акча каражаттары, транспорт жана коммуналдык кызматтар, имараттардын ижарасы боюнча 1 288,1 миң сомду түзгөн.

Мамлекеттик органдын бюджетин түзүүдө, министрликтер жана ведомстволор тарабынан эмгек акы боюнча негизсиз эсептөөлөр берилген. Анын натыйжасында, “Эмгек акы” беренеси боюнча бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары ашыкча каржыланып, ал 48,7 млн. сомду түзгөн.

Тиешелүү эсептөөлөр берилбестен туруп, 2021-жылга окуу жайларынын чыгымдар сметасы түзүлгөн. Натыйжада, контракттык негизде окуган окуучунун окуусуна бюджеттик каражаттардын эсебинен жалпы 86 698,5 миң сом суммасы каржыланган.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

Жеке жоопкерчиликтери каралсын:

- Мамлекеттик органдар тарабынан негизделген эсептөөлөрдү берүү боюнча талаптагыдай контролдоонун жоктугу, 1,3 млн.сом бюджеттен ашыкча бөлүнгөн акча каражаттарына, ошондой эле эмгек акы боюнча 48,7 млн.сом суммасындагы каражаттарга алып келген.

- Билим берүү жана илим министрлигинин, Саламаттык сактоо министрлигинин, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин кызматтагы адамдары тарабынан, эки жылдан бери орто окуу жайларын, колледждерин жана лицейлерди каржылоо ченемдеринин бекитилген тартибин иштеп чыкпагандыктан жана бекитпегендиктен, контракттык негизде окуган окуучулардын окуусуна республикалык бюджеттен кошумча чыгымдарды тартууга алып келген.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Негизделген эсептөөлөр менен тастыкталган пландалган чыгымдар суммасына мониторинг жүргүзүүнү эске алуу менен, министрликтер менен ведомстволордун бюджеттик каражаттарынын чыгымдар сметасын макулдашууну жүзөгө ашырсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.07.2011-жылдагы №365 “Үйүнө барып социалдык тейлөө жөнүндө типтүү жобону бекитүү жөнүндө” токтому менен, республикалык бюджеттин эсебинен социалдык тейлөөгө муктаж болгон адамдар үчүн, даректүү социалдык коргоо бөлүмүнүн/секторунун иштөө ченемдери аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.07.2011-жылдагы №365 “Үйүнө барып социалдык тейлөө жөнүндө типтүү жобону бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, айыл өкмөтүнүн штаттык жүгүртмөсү боюнча, ЭСКММ социалдык кызматкерлери аткарган функцияны аткарган, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен социалдык кызматкерлер иштешет.

873 бирдиктеги ЭСКММ социалдык кызматкерлерди күтүүгө, республикалык бюджеттен 120 939,5 миң сом багытталган, мында, айыл өкмөтүнүн штаттык жүгүртмөсү боюнча, ЭСКММ социалдык кызматкерлери аткарган функцияны аткарган, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен социалдык кызматкерлер иштешет.

**Корутунду**

873 бирдиктеги ЭСКММ социалдык кызматкерлерди күтүүгө, республикалык бюджеттен 120 939,5 миң сом багытталган, мында, айыл өкмөтүнүн штаттык жүгүртмөсү боюнча, ЭСКММ социалдык кызматкерлери аткарган функцияны аткарган, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен социалдык кызматкерлер иштешет.

**Сунуш**

Эмгек социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен бирге, республикалык бюджеттин эсебинен социалдык тейлөөгө муктаж болгон адамдар үчүн, каражаттарды бөлүүнү эске алуу менен, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен социалдык кызматкерлерди күтүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.07.2011-жылдагы №365 “Үйүнө барып социалдык тейлөө жөнүндө типтүү жобону бекитүү жөнүндө” токтомун максатка ылайыктуулугу каралсын.

**Аныкталды**

Айрым мамлекеттик органдар тарабынан кызматтык маяналарды белгилөөдө, эмгек акы шарттарын жана штаттык ченемдерди жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылардын сакталбагандыгынын натыйжасында, сый акыны жана он үчүнчү эмгек акыны, эмгек өргүүлөрдү төлөөгө, Социалдык фондго чегерүүлөрдү камтуу менен, эмгек акы фонду боюнча чыгымдар сметасын ашыруунун же негизделген эсептөөлөрдүн натыйжасында, республикалык бюджеттен ашыкча чыгымдоо 83 656,6 миң сомду түзгөн.

Белгиленген штаттардан ашык, айрым мамлекеттик жана муниципалдык органдарда 219 бирдиктеги штаттар күтүлгөн, аларга республикалык бюджеттен 100 744,2 миң сом чыгымдалган.

Айрым мамлекеттик жана муниципалдык органдардагы (“Бирдиктүү терезе” МИ, Дүйнөлүк соода уюмунун маселелери боюнча МЭК өкүлчүлүгү, Жогорку сотко караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби, ЮНЕСКО иши боюнча Улуттук комиссиянын жооптуу катчысы) кызматкерлердин эмгегине төлөө шарттары укуктук-ченемдик документтер менен белгиленген эмес.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.03.2017-жылдагы №131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомун бузуу менен, айрым мамлекеттик органдын кызматкерлерине 38 648,7 миң сом суммасында негизсиз сый акылар жана материалдык жардамдар төлөнгөн.

Эмгек кодексин (100,106,107,174-беренелер) бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана анын ведомстволук мекемелеринин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кызматкерлерине, ар бир кызматкер аткарган ченемден ашык ишти так эсепке албастан, ченемден ашык убакытта иштеген адамдардын белгиленген тизмеси жок туруп, ченемден ашык иш үчүн, жалпы 236 657,0 миң сом суммасындагы үстөк акы төлөнгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.05.2011-жылдагы №246 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине төлөө шарттары жөнүндө” Жобо менен белгиленген ченемдер сакталбастан, Бирдиктүү төлөөчү тутуму аркылуу каржыланган 14 саламаттык сактоо уюмдары боюнча, кызмат ордунда убактылуу жок кызматкердин иш милдеттерин аткаргандыгы үчүн, айкалыштыргандыгы боюнча 50% өлчөмүндө ашырылган кошумча төлөм 38 618,9 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.03.2021-жылдагы №112 токтому менен каралган, штаттык санды кыскартуунун натыйжасында алынган, үнөмдөлгөн бюджеттик каражаттарды республикалык бюджетке чегерүү Улуттук статкомитети тарабынан толук эмес көлөмдө аткарылган. Чегерүүгө каралган 2 678,0 миң сом суммасынын ичинен, бюджетке 2 580,8 миң сом чегерилген же 97,2 миң сом жеткире чегерилген эмес.

**Корутунду**

Айрым мамлекеттик органдар тарабынан эмгек акы шарттарын жана штаттык ченемдерди жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылар толук сакталбайт, эмгек акы фонду боюнча негизделген эсептөөлөр жок, анын натыйжасында, республикалык бюджеттен ашыкча чыгымдоо 83 656,6 миң сомду түзгөн.

Белгиленген штаттардан ашык, айрым мамлекеттик жана муниципалдык органдарда 219 бирдиктеги штаттар күтүлгөн, аларга республикалык бюджеттен 100 744,2 миң сом чыгымдалган.

Айрым мамлекеттик органдарда жана мекемелерде кызматкерлердин эмгегине төлөө шарттары, ченемдик-укуктук актылары менен белгиленген эмес.

Айрым мамлекеттик органдын кызматкерлерине 38 648,7 миң сом суммасында негизсиз сый акылар жана материалдык жардамдар төлөнгөн.

Ченемден ашык убакытта иштеген адамдардын белгиленген тизмеси жок туруп, ченемден ашык иш үчүн, жалпы 236 657,0 миң сом суммасындагы үстөк акы төлөнгөн.

Бирдиктүү төлөөчү тутуму аркылуу каржыланган 14 саламаттык сактоо уюмдары боюнча, кызмат ордунда убактылуу жок кызматкердин иш милдеттерин аткаргандыгы үчүн, айкалыштыргандыгы боюнча 50% өлчөмүндө ашырылган кошумча төлөм 38 618,9 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

Улуттук статкомитет тарабынан штаттык санды кыскартуунун натыйжасында алынган, үнөмдөлгөн бюджеттик каражаттарды республикалык бюджетке 97,2 миң сом суммасында жеткире чегерилген эмес.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети** чараларды көрсүн:

- Мамлекеттик органдар тарабынан башкаруу түзүмүнүн штаттык бирдиктеринин минималдуу ченемдеринин сакталышына көзөмөлдөөнү камсыздоо боюнча:
- Мамлекеттик органдар тарабынан штаттык санды Кыргыз Республикасынын укуктук ченем актылары менен бекитилген ченемдерге ылайык келтирүүсү боюнча;
- Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик органдар менен бюджеттик мекемелердин штаттык саны ченемдик-укуктук актыларга ылайык келтирүү жана эмгек акы фондун түзүлүшүн көзөмөлдөөсү боюнча.

**Финансы министрлиги:**

- 2022-жылга бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, штаттык санды кыскартуунун натыйжасында, үнөмдөлгөн 97,2 миң сом суммасында бюджеттик каражаттарды республикалык бюджетке жеткире чегерилбеген бюджеттик акча каражаттарын тактасын;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.05.2011-жылдагы "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине акы төлөө жөнүндө" токтомуна ылайык, "эмгек акы" беренеси боюнча Бирдиктүү төлөөчү системасы (ММКФ) аркылуу каржылануучу саламаттык сактоо уюмдарына чыгымдарды каржылоону ачууну ишке ашыруу.

**Аныкталды**

3111 “Негизги фонддор” беренеси боюнча баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын чыгымдарын каржылоого тыюу салган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.11. 2018-жылдагы №545 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарына ченемдик каржылоону жайылтуу боюнча чаралар жөнүндө” токтомун бузуу менен, көрсөтүлгөн уюмдар 17 588,2 миң сомго каржыланган.

**Корутунду**

Финансы министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.11. 2018-жылдагы №545 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарына ченемдик каржылоону жайылтуу боюнча чаралар жөнүндө” токтому менен каралбаган 17 588,2 миң сомго каржылоо жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

**Финансы министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.11.2018-жылдагы №545 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарына ченемдик каржылоону жайылтуу боюнча чаралар жөнүндө” токтому менен каралган, 3111 “Негизги фонддор” беренеси боюнча баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын чыгымдарын каржылоого тыюу салууну сактабаган түзүмдүк бөлүмдөрдүн тиешелүү кызматкерлеринин тартип жоопкерчилиги чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды**

Социалдык фонд жана ЭСКММ эсептеринде жылдын аягында бюджеттик каражаттарды ашыкча каржылоонун натыйжасында, 399,6 млн. сом пайдаланылбай калган, анын ичинен, аудиттин жүрүшүндө Социалдык фонд тарабынан бюджетке 380,8 млн. сом чегерилген.

ЭСКММ боюнча Финансы министрлиги тарабынан 2022-жылдарга сметалык чыгымдар 18,7 млн. сомго азайтылган.

**Корутунду**

Социалдык фонд жана ЭСКММ эсептеринде жылдын аягында бюджеттик каражаттарды ашыкча каржылоонун натыйжасында, 399,6 млн. сом пайдаланылбай калган (республикалык бюджетке 399,5 млн.сом калыбына келтирилген).

**Сунуш**

Финансы министрлиги бюджеттик каражаттарды негизсиз каржылоого жол бербөө максатында, Социалдык фондду жана ЭСКММ каржылоого дайыма мониторинг жүргүзүүнү камсыздасын.

**Аныкталды**

Шайлоо процесстерин даярдоо жана өткөрүү мезгилинде алыш-бериш эсептеринде калган КР ТИМдин чыгымдалбаган каражаттары, бюджетке кайтарылышы керектигин караган, БШКнын токтому менен бекитилген, “Шайлоо өткөрүүдө республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча каржылоо, эсепке алуу жана отчеттуулук тартиби жөнүндө” Жобону бузуу менен, ТИМ тарабынан 4 126,0 миң сом суммасындагы каражаттар республикалык бюджетке кайтарылган эмес.

Бул сумма боюнча БШКнын 16.09.2021-жылдагы токтому менен, калган каражаттарды бюджеттин кирешесине кайтарылбастан пайдаланууга уруксат берилген.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын БШКнын 16.09.2021-жылдагы токтому менен, шайлоодон калган 4 126,0 миң сом суммасындагы каражаттарды пайдаланууга ТИМге уруксат берген.

**Сунуш**

**Финансы министрлигине**

2022-жылга бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын БШКнын 16.09.2021-жылдагы токтому менен, Тышкы иштер министрлигинин карамагында калган 4 126,0 миң сом суммасындагы каражаттар эсепке алынсын.

**Аныкталды**

2021-жылга бекитилген бюджетте, так эсептөөлөр жок туруп, 26653 “Социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу” ведомстволук классификациялоо коду менен төмөндөгү беренелер боюнча 1 237,8 млн. сом каралган:

- “Эмгек акы” жана “Социалдык фондго төгүмдөр” - 682,2 млн. сом;
- “Мамлекеттик сектордун башка бирдиктерине гранттар” - 555,6 млн.сом.

Жыл ичинде каражаттар, бюджет алуучулардын бюджеттерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен кошумча бөлүнгөн. Бул өзгөртүүлөрдүн жалпы суммасы 1 138,1 млн. сомду түзгөн, алардын айрым бөлүгү кошумча чыгымдарды жабуу булагы болгон.

Мындан сырткары, бул булакты пландоодо ашыкча жогорулатылган көлөмдөрдүн натыйжасында, 2021-жылдын аягында чыгымдарды оптималдаштыруу менен, 99,7 млн. сом кыскарган.

**Корутунду**

Бюджет алуучулар боюнча бөлүштүрүү жок туруп, “Социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу” ведомстволук классификациялоо коду менен каралган сметалык чыгымдар, Финансы министрлиги тарабынан жыл бою резервдик булак катары пайдаланылууда.

**Сунуш**

**Финансы министрлигине**

Социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга чыгымдарды түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү тартиби так сакталсын.

**Капиталдык салымдарды каржылоого бөлүнгөн каражаттарды пайдалануу**

2021-жылга Бюджеттик резолюция менен, республикалык бюджеттин чыгымдарындагы артыкчылык менен, 80%дан ашык даярдыктагы капиталдык курулуштун аягына чыгарылбаган объектилерин милдеттүү бүтүрүү боюнча кардиналдуу чараларды көрүү белгиленген. 2021-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен, алардын артыкчылыктарын эске алуу менен, 2021-жылга карата тизмеде бекитилген объектилерди курууга, реконструкциялоого жана мурунку мезгилде каралган курулуш объектилерин бүтүрүүгө багыттоо менен, республикалык бюджеттен салымдарды каржылоого каражаттар 3000,0 млн. сом суммасында бекитилген.

2021-жылга куруу жана реконструкциялоо объектилеринин тизмеси, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.01.2021-жылдагы буйругу менен, 3000,0 млн. сом суммасында бекитилген.

Такталган бюджет менен капиталдык салымдарды каржылоого 6 206,5 млн. сом жумшоо каралган, 6 111,2 млн.сом суммасындагы краажаттар каржыланган, аткаруу 98,5%ды түзгөн (5-таблица).

**Аныкталды**

2021-жылга Курулуш объектилеринин тизмесин түзүү, республикалык бюджеттен каржыланган капиталдык салымдар формасында ишке ашырылган инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү жөнүндө Жобону[18] сактабастан жүргүзүлгөн.

Алсак, 245 авария абалындагы мектептин ичинен, Курулуш объектилеринин тизмесине 42 мектеп гана кирген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.01.2021жылдагы № 11-б буйругу менен, социалдык-экономикалык негиздөөлөр жок туруп, Тизмеге 118,0 млн. сом суммасындагы жаңы объектилер киргизилген.

Бул каражаттар 2021-жылга бюджеттик резолюциянын багыттарын сактоо менен туура пландаштырылганда , 80% даярдыктагы курулушу узакка созулган 16 объектини бүтүрүүгө каражаттарды багыттоого мүмкүнчүлүк болгон.

**Корутунду**

2021-жылга Курулуш объектилеринин тизмесин түзүү, республикалык бюджеттен каржыланган капиталдык салымдар формасында ишке ашырылган инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү жөнүндө Жобону сактабастан жүргүзүлгөн.

---

[18] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2017-жылдагы №855 токтому менен бекитилген

**Сунуш**

**Финансы министрлигине**

Тиешелүү бюджеттик жылга карата Курулуш объектилеринин тизмесин даярдоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2017-жылдагы № 855 токтому менен бекитилген, республикалык бюджеттен каржыланган капиталдык салымдар формасында ишке ашырылган инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү жөнүндө Жобону сактоо камсыздалсын.

**Аныкталды**

Капиталдык салымдардын жалпысынан 98,5% көлөмүндө каржыланганына карабастан, ТЖКД тарабынан курулуш объектилерин куруу боюнча план 85,7%га, ЖЧД - 87,3%га аткарылган.

Бул болсо, подрядчылардын дебитордук карыздарынын суммасынын өсүү себептеринин бири болуп эсептелет.

3 мамлекеттик заказчылар боюнча (ТЖКД, ЖЧД, СРМА) 01.01.2021-жылга дебитордук карыз -2 334,1 млн. сомду, 31.12.2021-жылдын – 2 830,4 млн. сомду түзгөн, же жыл башына салыштырмалуу, карыздын өсүүсү 496,3 млн. сомду (21,2%) түзгөн.

Социалдык маанилүү объектилерди каржылоо артыкчылыгынын сакталышына жана каржылоонун тууралыгына жүргүзүлгөн тандалма аудитте, 2021-жылдын башындагы дебитордук карыздардын болушу жана, реалдуу керектөөнү изилдебестен туруп, 151,0 млн. сом суммасында каржылоо факты жүзүндө аныкталган (6-таблица).

**Корутунду**

Капиталдык салымдар 98,5%га каржыланганына карабастан, ТЖКД тарабынан курулуш объектилерин куруу боюнча план 85,7%га, ЖЧД - 87,3%га аткарылган. Бул болсо, подрядчылардын дебитордук карыздарынын суммасынын өсүү себептеринин бири болуп эсептелет.

3 мамлекеттик заказчылар (ТЖКД, ЖЧД, СРМА) боюнча дебитордук карыздын 21,2%га өсүүсү байкалган.

Тандалма аудит тарабынан, 2021-жылдын башында дебитордук карыздардын болушун, жана реалдуу керектөөнү изилдебестен туруп, кредиттерди 151,0 млн. сом суммасында каржылоо факты жүзүндө аныкталган[19].

**Сунуш**

**Финансы министрлигине**

Мамлекеттик органдарга республикалык бюджеттен каржыланган капиталдык салымдар формасында ишке ашырылган Инвестициялык долбоорлордун тизмесин даярдоо үчүн, техникалык негиздемелер жана эсептөөлөр менен тастыкталган объектилердин толук тизмесин Финансы министрлигине берүү тапшырылсын.

---

[19] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “капиталдык салымдар” беренеси боюнча дебитордук карыздардын деталдуу талдоосу 4-тиркемеде

Дебитордук карыздар болгон учурда жана аткарылган иштердин кабыл алынган актылары жок болгон учурда кредиттерди ачууну токтото туруу боюнча чараларды көрүү.

**Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар**

**Аныкталды**

2021-жылга такталган бюджет менен, “Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар” беренеси боюнча, республикалык бюджеттен дотация алган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына аларды каржылоонун артыкчылыгы менен, 526,6 млн.сом суммасындагы каражаттар каралган.

2021-жылы дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен, 272 долбоор бекитилген, анын ичинен, “Дем берүүчү гранттар” беренеси боюнча 514,2 млн. сом суммасында 267 долбоор каржыланган. Кассалык чыгым 514,0 млн.сомду түзгөн, же такталган планга карата 97,6%. 2021-жылдын аягында курулушу аягына чыкпай калган жана алар боюнча жергиликтүү бюджеттердин эсебинен толугу менен каржыланбай 10 долбоор калган (7-таблица).

Аудит тарабынан, өндүрүштүк-техникалык иштер менен иш жүргүзүү жана долбоорлордун ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү үчүн, Финансы министрлигинин дем берүүчү гранттар бөлүмүндө курулуш адистеринин жоктугу белгиленген.

**Корутунду**

2021-жылдын аягында курулушу аягына чыкпай калган жана алар боюнча жергиликтүү бюджеттердин эсебинен толугу менен каржыланбай 10 долбоор калган (7-таблица).

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржыланган, аягына чыгарылбаган долбоорлору калган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, бул объектилерди жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен милдеттүү түрдө бүтүрүп, ишке киргизүүсү үчүн кардиналдуу чаралар кабыл алуусу боюнча тапшырма берилсин.

**Аныкталды**

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо-калыбына келтирүү иштеринин көлөмүнүн аныктыгына жүргүзүлгөн тандалма аудитте, региондордогу объектилердин наркы 14 130,2 миң сом суммасында ашырылгандыгы аныкталган (8-таблица).

Подрядчылар тарабынан толтурулган аткарылган иштердин актысынын формалары, Улуттук статкомитеттин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана регионалдык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин 16.04.2012-жылдагы “Капиталдык курулуш, курулуш-оңдоо жана долбоорлоо-изилдөө иштерин эсепке алуу жана аларды колдонуу жана толтуруу боюнча көрсөтмөлөр боюнча баштапкы эсептик документтердин унифицирленген формаларын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген формага туура келбейт.

Мындан сырткары, 955,1 миң сомго подрядчы «Хассан Феррум ЛТД» ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Ак-Суу айыл аймагынын Чоң-Арык айылындагы Тилекмат атындагы мектептин тамак-аш блогун оңдоо жана чатырын алмаштыруу” объектиси боюнча, келишимге ылайык, ишти аяктоо мөөнөтүн аткарбагандыгы үчүн 69,6 миң сом суммасында үстөк айып эсептелген.

Нарын областынын аудит жүргүзүлгөн райондорунда, курулуш объектилеринин иштелип чыккан долбоорлоо-сметалык документтеринин жана конкурстук документтердин даярдалган материалдарынын сапатынын төмөндүгү аныкталган.

Натыйжада, КС-2 формасындагы кабыл алуу актыларындагы аткарылган иштердин көлөм жана нарк көрсөткүчтөрү, наряд-заказды түзүү менен оңдолууга жатпайт. Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө техникалык көзөмөл жана аткаруу-техникалык документтер талаптагыдай деңгээлде жүргүзүлгөн эмес.

**Корутунду**

Региондордогу объектилер боюнча курулуш-куроо жана оңдоо-калыбына келтирүү иштеринин көлөмүн ашыруунун калыбына келтирилбеген суммасынын калдыгы 13 539,4 миң сомду түзгөн.

Подрядчылар тарабынан толтурулган аткарылган иштердин актыларынын формалары, бекитилген формага туура келбейт.

Подрядчы «Хассан Феррум ЛТД» ЖЧКсына, келишимге ылайык, ишти аяктоо мөөнөтүн аткарбагандыгы үчүн 69,6 миң сом суммасында үстөк айып эсептелген.

Нарын областынын аудит жүргүзүлгөн райондорунда, курулуш объектилеринин иштелип чыккан долбоорлоо-сметалык документтеринин жана конкурстук документтердин даярдалган материалдарынын сапатынын төмөндүгү аныкталган. Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө техникалык көзөмөл жана аткаруу-техникалык документтер талаптагыдай деңгээлде жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети** ЖӨӨБ органдарына төмөндөгүдөй чараларды көрүүнү милдеттендирсин:

- дем берүүчү гранттардын эсебинен объектилер боюнча аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо-калыбына келтирүү иштеринин көлөмү жана наркын жогорулатуу суммаларын калыбына келтирүү боюнча;
- Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен, объектилерди куруу боюнча долбоорлоо-сметалык документтердин өз учурунда иштелип чыгышы, сапаты жана толуктугу, ошондой эле, “Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, аткаруу документтеринин таризделиши жана жүргүзүлгөн иштерге техникалык көзөмөл жүргүзүү боюнча.

**Финансы министрлигине**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды каржылоодо, Улуттук статкомитеттин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана регионалдык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин 16.04.2012-жылдагы “Капиталдык курулуш, курулуш-оңдоо жана долбоорлоо-изилдөө иштерин эсепке алуу жана аларды колдонуу жана толтуруу боюнча көрсөтмөлөр боюнча баштапкы эсептик документтердин унифицирленген формаларын бекитүү жөнүндө” токтому[20] менен бекитилген формага ылайык, подрядчылар тарабынан аткарылган актыларды кабыл алуунун милдеттүү шарттарын жеткирүү камсыздалсын.

**Республикалык бюджеттин аткарылышына кассалык тейлөө жана Мамлекеттик казыналык тарабынан аны аткаруу тартибинин сакталышы**

**Аныкталды**

Бюджеттик кодекстин 101-беренесине ылайык, жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчалар эмгек акы фондусунун бир айлык көлөмүнүн чегинде бекитилет. 2021-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен, 500,0 млн. сом суммасындагы жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчалар көлөмү каралган.

Такталган жылдык эмгек акы фонду 50 928,0 млн.сомду түзгөн, же айына орточо 4 244,0 млн.сом. 2021-жылга бекитилген бюджет жөнүндө Мыйзам менен жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчалар көлөмү, бир айлык орточо эмгек акы фондудан 8,5 эсе азды түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2017-жылдагы №632 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү жөнүндө” Жобону бузуу менен, кассалык планды түзүүдө, кассалык пландоонун бирдиктүү формуласы колдонулган эмес.

Кассалык планды түзүүдө, бюджеттин ресурсунун администраторлору тарабынан киреше планын аткарылбашы же толук эмес аткарылыш тобокелдиктери эске алынган эмес. Такталган бюджеттик кассалык пландар, Финансы министрлигинин сайтына жайгаштырылган эмес, ошону менен бирге, бюджеттик жол-жоболордун толук ачык-айкындуулугу камсыздалган эмес. Республикалык бюджеттин киреше жана чыгымдар бөлүктөрүнүн (ресурстардын терс калдыгы) ортосундагы 5,4 млрд. сомго чейин жеткен, финансылык ажырымдарга жол берилген.

2021-жылдын 155 күнү республикалык бюджеттин финансылык ажырымы менен жабылган. Натыйжада, жергиликтүү бюджеттердин акчалай каражаттары, БКТда турган атайын, депозиттик жана башка каражаттар чыгымдалган.

«IS Казна.Бюджет» программасында түзүлө турган кирешелердин түрлөрү боюнча отчет, кирешелер боюнча жыйынды реестр менен дал келбейт.

[20] Дем берүүчү гранттар жөнүндө толук маалымат 6-тиркемеде

«IS Казна.Бюджет» программасынан алынган бюджеттин киреше бөлүгүнүн маалыматтарын салыштырууда, кирешелер боюнча жыйынды маалыматтар менен дал келишпестиги орун алган. Жыйынды маалыматтар менен салыштырууда, баштапкы реестрдин суммасындагы дал келбестик 6,0 млрд. сомдон ашык каражатты түзгөн.

Көрсөтүлгөн фактылар, Борбордук казыналыктын тиешелүү түзүмдүк бөлүнүштөрү тарабынан отчетко талдоо жүргүзүү жана талаптагыдай көзөмөлдүн жоктугун күбөлөндүрөт.

2021-жылы түзүлгөн келишимдердин жана «IS Казна.Бюджет» маалыматтарынын жана Мамлекеттик сатып алуулар департаменти берген маалыматтардын ортосунда 2 675,7 млн. сом суммасында айырма бар.

Кезектеги бюджеттик жылдын чегинде, кирешелердин келип түшүү көлөмүнөн бюджеттин чыгымдарынын убактылуу жогорулашы менен, кассалык төлөмдөрдүн көлөмүнө кассалык чектөө киргизүү тартибинин жоктугу белгиленген, ал Бюджеттик кодекстин 113-беренесинин 1 жана 2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**Корутунду**

2021-жылга бекитилген бюджет жөнүндө Мыйзам менен жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчалар 500,0 млн. сом көлөмү, Бюджеттик кодекстин 110-беренесинин ченемдерине туура келбейт

Кассалык планды түзүүдө, бюджеттин ресурсунун администраторлору тарабынан киреше планын аткарылбашы же толук эмес аткарылышы тобокелдиктери эске алынган эмес. Такталган бюджеттик кассалык пландар, Финансы министрлигинин сайтына жайгаштырылган эмес.

Жергиликтүү бюджеттердин акчалай каражаттарды, БКТда турган атайын, депозиттик жана башка каражаттарды чыгымдоодо, 5,4 млрд. сомго чейин жеткен, финансылык ажырымдарга жол берилген.

«IS Казна.Бюджет» программасында түзүлгөн кирешелердин түрлөрү боюнча отчет, кирешелер боюнча жыйынды реестр менен дал келбегендиги аныкталган.

2021-жылы түзүлгөн келишимдердин жана «IS Казна.Бюджет» маалыматтарынын жана Мамлекеттик сатып алуулар департаменти берген маалыматтардын ортосунда 2 675,7 млн. сом суммасында айырма бар.

Кассалык чектөө киргизүү тартибинин жоктугу белгиленген, ал Бюджеттик кодекстин 113-беренесинин 1 жана 2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**Сунуш**

**Финансы министрлигине:**

- Кезектеги финансылык жылга бюджетти түзүүдө, Бюджеттик кодекстин 110-беренесине ылайык, убактылуу кассалык ажырымдарды жабууга накталай акча каражаттары менен камсыздоо максатында, жүгүртүүдөгү накталай акчалардын көлөмүн көбөйтсүн;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2017-жылдагы №632 “Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө” Жобону сактабагандыгы үчүн, Борбордук казыналыктын кызматкерлерине чаралар көрүлсүн;
- Кассалык планды түзүү, бюджеттин ресурсунун администраторлору тарабынан киреше планын аткарылбашы же толук эмес аткарылышы тобокелдиктерин эске алуу, ошондой эле такталган бюджеттик кассалык пландар жөнүндө маалыматты Финансы министрлигинин сайтына жайгаштырууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2017-жылдагы №632 токтомун аткаруу камсыздалсын.
- Отчетко талдоо жүргүзүү жана талаптагыдай көзөмөлдүн жоктугу үчүн, Борбордук казыналыктын тиешелүү түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн кызматкерлерине тартип жоопкерчилиги чаралары көрүлсүн. Бул болсо, кирешелер боюнча жыйынды маалыматтарды салыштырууда, кирешелер боюнча баштапкы реестрлердин суммаларынын дал келбестигине алып келген.
- Бюджеттик каражаттардын эсебинен сатылып алынган, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана жумуштарды сатып алуу үчүн, жабдуучулар менен түзүлгөн келишимдерди эсепке алуусунда, «IS Казна. Бюджет» программасынын жана мамлекеттик сатып алуулар порталыын маалыматтарынын ортосундагы айырма алынсын.
- Бюджеттик кодекстин 113-беренесине ылайык, кирешелердин келип түшүү көлөмүнөн бюджетин чыгымдарынын убактылуу жогорулашы менен, кассалык төлөмдөрдүн көлөмүнө кассалык чектөө киргизүү тартиби жөнүндө ченемдик документтин долбоору иштелип чыксын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна белгиленген тартипте киргизилсин.

**Аныкталды**

Бюджеттик каражаттарды алуучулардын (БКА) картасы боюнча операцияларды жүргүзүүгө тыюу салууну караган, Финансы министрлигинин 28.09.2017-жылдагы №131 буйругу менен бекитилген, “Төлөм картасын чыгарууну жана эсептерди жүргүзүүнү уюштуруу боюнча иштөө тартиби жөнүндө” Жобонун 20-пунктун бузуу менен, финансылык жылдын 25-декабрынна тартып, 2021-жылдын 26-декабрынан 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында БКА картасы боюнча 17 505,3 миң сом суммасында чыгымдар жүргүзүлгөн.

Ушул эле Жобонун 22-пунктун бузуу менен, 31.12.2021-жылга карата бюджеттик каражаттар боюнча БКА карталарында акча каражаттарынын 17 586,4 миң сом суммасындагы калдыктары болгон (аудиттин жүрүшүндө 17 586,4 миң сом республикалык бюджеттин кирешесине чегерилген).

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.07.2017-жылдагы №444 токтому менен бекитилген "БКЭнин иштөө тартибине" ылайык, аныкталбаган суммалар боюнча келип түшүүлөр, 2 ай ичинде эсепке алынат, бул убакыты өткөндөн кийин "БКЭнин иштөө тартибинин" 104-пунктуна ылайык, кирешелердин "Жана башка салык эмес келип түшүүлөр" классификациясынын элементи боюнча республикалык бюджетке автоматтык түрдө чегерилиши керек.

31.12.2021-жылга карата "Аныкталбаган суммалар" эсебинде 9 839,9 миң сом болгон, ал аудиттин жүрүшүндө республикалык бюджеттин кирешесине чегерилген.

**Корутунду**

Төлөм карталары менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби толугу менен сакталбайт.

2021-жылдын аягында "Аныкталбаган суммалар" эсебинде 9 839,9 миң сом болгон (бюджетке чегерилген).

**Сунуш**

**Финансы министрлиги**

Бюджеттик каражаттарды алуучулардын төлөм карталары боюнча эсептешүүлөрдү бекитилген Жобого ылайык жүргүзүүнү камсыздасын.

**Улуттук банкта ачылган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин эсептери**

31.12.2021-жылга карата Улуттук банкта Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын 53 эсеби ачылган, анын ичинен, 34 эсеп улуттук валютада жана 19 эсеп – чет элдик валютада. Улуттук банктын отчетунун маалыматтары боюнча улуттук жана чет элдик валютадагы эсептерде 2021-жылдын аягында 21 256,6 млн.сом болгон (9-таблица).

Улуттук банк тарабынан Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын эсептеринин тейлениши, Улуттук банк менен Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын ортосунда түзүлгөн, ар бир эсепти тейлөө боюнча келишимге ылайык жүргүзүлөт.

**Программалык бюджеттин аткарылышын талдоо**

2021-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамдын 17-беренесине ылайык, министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана административдик ведомстволор үчүн, 2021-2023-жылдарга бюджеттик программалар жактырылган (11-$11^1$-тиркеме), ошондой эле Финансы министрлигине бюджеттик программалар жана бюджеттик чаралар боюнча натыйжалуулук индикаторлоруна жетүү жөнүндө жарым жылдык жана жылдык отчетторду берүү каралган.

2021-жылы программалык негизде бюджетти түзүү жана аткарууга тартылган министрликтер болуп, Саламаттык сактоо министрлиги жана Транспорт жана коммуникация министрлиги аныкталган. 2021-жылга бюджет

жөнүндө Мыйзамдын 11-2-тиркемеси менен, Саламаттык сактоо министрлиги жана Транспорт жана коммуникация министрлигине программалык бюджеттер жана натыйжалуулук индикторунун максаттуу багыттары бекитилген.

**Аныкталды**

6 жылдан ашык убакыт бою программалык бюджеттерди түзүү боюнча максаттар алдыга коюлгандыгына жана жыйынтык алууга багытталган, тармактык өнүктүрүү программаларын жүзөгө ашырууга негизденген толук кандуу бюджет түзүүгө өтүүгө карабастан, Минфин тарабынан натыйжалуулук индикаторлорунун максаттуу белгилерине жетүүгө мониторинг жүргүзүү жана иликтөө боюнча иш толук көлөмдө ишке ашырылган эмес.

Иштин начар жүрүшүнүн негизги себептери катары төмөнкүлөр саналат:

- мамлекеттик финансыларды башкарууну автоматташтырылган системанын жоктугу;
- бюджетти аткаруу боюнча колдонуудагы автоматташтырылган системага программалык классификацияны интеграциялоодогу татаалдыктар;
- маалыматтарды текшерүү максатында орнотулган натыйжалуулук индикаторлору жана алардын натыйжага жетүүсү жөнүндө ишенимдүү маалыматтар базасынын жоктугу;
- мамлекеттик органдарда программалык бюджеттердин аткарылышына жана бюджеттик программалардын натыйжалуулук индикаторлоруна жетүүсүнө мониторинг жүргүзүүнүн начар системасынын болушу;
- министрликтердин программалык бюджеттерди түзүүгө жана аткарууну формалдуу гана ыкмада аткарышы, мамлекеттик органдарда кадрлар тез-тез иштен бошонуусуна байланыштуу айрым министрликтердин жана ведомстволордун адистеринин программалык негизде бюджеттерди түзүүсүнө потенциалынын жетишсиздиги.

Минфин үчүн Көп тараптуу донорлордун тресттык фонду (МДТФ) тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан «Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыларды башкаруу чөйрөсүндө потенциалды өнүктүрүү» деп аталган экинчи долбоордун гранттык каражаттарынын алкагында программалык негизде бюджет түзүүнү жана бюджеттик инвестицияларды пландаштырууну өркүндөтүү, анын ичинде 2021-жылы жана 2022-жылдын биринчи жарымында консультант Policy and Management Consulting Group-PMCG тарабынан жүзөгө ашырылган тармактык чыгашаларды жакшыртуу жана пландаштыруу боюнча иш-чараларга 587,7 миң АКШ доллары сарпталган.

Мыйзамда 2021-жылга Мамлекеттик бажы кызматы боюнча такталган бюджетте бажы төлөмдөрүн, жыйымдарды жана башка төлөм түрлөрүн алуу боюнча пландык көрсөткүчтү аткаруу пайызы 90% деңгээлинде белгиленген. Башкача айтканда, Мамлекеттик бажы кызматына алдын ала киреше бөлүгү

боюнча планды 10 % же 4,8 млрд сомго аткарбоо мүмкүнчүлүгү берилген, бул Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 6-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык бюджет системасынын ырааттуулук принцибине жооп бербейт.

Ушул сыяктуу эле, Мамлекеттик салык кызматы боюнча салык администрациялоо боюнча пландык көрсөткүчтөрүн аткаруу пайызы 96,9% деңгээлинде белгиленген же салык кызматына алдын ала киреше бөлүгүн 3,1% же 3,2 млрд.сом суммасына чейин планды аткарбоо мүмкүнчүлүгү берилген. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.01.2019-жылдагы №17 токтомун бузуу менен жана Минфиндин тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан көзөмөдүн жоктугунан төмөнкүлөр отчетторду тапшырган эмес: Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасы; Билим берүү жана илим министрлиги, «Кыргыз Республикасынын согуштун, куралдуу күчтөрдун, укук коргоо органдарынын ардагерлеринин жана оруктагы эмгекчилердин республикалык кенеши» коомдук бирикмеси, Борбордук азия Жерди прикладдык изилдөөлөр институту, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия, Мамкурулуш, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия, “Манас” жана Чынгиз Айтматова улуттук академиясы. 2021-жыл үчүн баардык БКББ боюнча натыйжалуулук индикаторлоруна жетишүү жөнүндө жыйынтыкталган отчет түзүлгөн эмес жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине берилген эмес.

Программалык бюджет боюнча жыйынтык отчеттун жоктугуна байланыштуу 2021-жыл үчүн республикалык бюджетти аткаруу жөнүндө отчетко тиешелүү тиркеме жок.

**Корутунду**

587,7 миң АКШ доллары суммасына программалык негизде бюджет түзүүнү өркүндөтүү боюнча сарпталган гранттык каражаттар алдыга максаттар коюлгандыгына карабастан талаптагыдай жыйынтык берген жок. Программалар жана чаралар боюнча гана олуттуу бюджеттик каражаттарды бөлүү аркылуу программалык бюджет түзүүнү күчөтүү жагында реформалар жүргүзүлбөй келет. Бюджет бөлүү жөнүндө чечимдер бюджеттик программаларды жана алардын натыйжасында болжолдонгон жыйынтыктарды эске алуусуз кабыл алынат.

Программалар жана чаралар боюнча олуттуу бюджеттик каражаттарды бөлүү аркылуу программалык бюджет түзүүнү күчөтүү жагында реформаларды жүргүзүү зарыл.

2021-жылга такталган бюджет түзүүдө Минфин тарабынан республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө Мамлекеттик салык кызматынан жана Мамлекеттик бажы кызматынан салыктык, бажылык жана башка төлөмдөрдүн жеткире түшпөөсү пландаштырылган. Иш жүзүндө, Мамлекеттик бажы кызматы боюнча пландык түшүүлөрдүн аткарылбашы 1,5 млрд. сомду же 3,1% түзгөн.

Бир катар БКНБ тарабынан программалык бюджетти аткаруу боюнча отчеттор тапшырылган эмес.

2021-жыл үчүн республикалык бюджетти аткаруу жөнүндө отчетто программалык бюджет боюнча тиешелүү тиркеме жок.

**Сунуш-көрсөтмө**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

Бюджеттик программалар жана бюджеттик чаралар боюнча натыйжалуулук индикаторлоруна жетүү жөнүндө отчетторду тапшырбаган мамлекеттик органдардын жоопкерчиликтери каралсын.

Бюджеттик программаларды жана алардан алынуучу натыйжаларды эске алуу менен бюджетти бөлүштүрүү аркылуу программалык бюджет түзүүнү күчөтүү жагында реформаларды жүргүзүү зарылчылыгы кароого алынсын.

**Финансы министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2021-жылга бюджет жөнүндө мыйзамдын 17-беренесинин жана 2021-жыл үчүн бюджетти аткаруунун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.01.2019-жылдагы №17 токтомунун талаптарын сактоону камсыз кылбаган жана 2021-жыл үчүн республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко тиешелүү тиркеменин жоктугу үчүн жооптуу кызматкерлердин жопкерчиликтери кароого алынсын.

**Аныкталды**

2021-жыл үчүн бюджет жөнүндө мыйзам менен министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун 2021-2023-жылдарга программалык бюджети жактырылган жана алардын катары Минтранс кирген пилоттук министрликтер үчүн 2021-2023-жылдарга натыйжалуулук индикаторлорунун максаттуу көрсөткүчтөрү бекитилген. Минтранстын 2021-жылга бекитилген программалык бюджетинде 9 153 386,7 миң сом суммасына 6 программа камтылат. Такталган бюджет 11 814 230,1 миң сомду түзөт же 2 660 843,4 миң сомго жогорулаган.

Министрликтердин пландык көрсөткүчтөрү жана программалык бюджет индикаторлору Мыйзамдын негизинде бекитилген жана белгиленген көрсөткүчтөрдүн чегинде так аткарылууга тийиш.

Бирок, бюджеттик программалардын натыйжалуулук индикаторлорунун жетишкендиги жөнүндө отчетто бекитилген көрсөткүчтөрдө так эместиктер бар. Алсак, Бюджет жөнүндө мыйзамдын негизинде бекитилген суммалар менен Минтранстын отчетунда чагылдырылган пландык көрсөткүчтөр ортосунда позициялар боюнча дал келбестиктер бар – 85,0 млн.сомго эл аралык транспорттук чектерди реабилитациялоо жана 2,1 млн.сомго - орто жана жогорку кесиптик авиациялык билим берүү (10-таблица).

Индикаторлордун такталган көрсөткүчтөрүндө да дал келбестиктер бар, алар кураторлор тарабынан Минтранс менен биргеликте четтетилген эмес жана ведомстволор аралык жумушчу топту баалоо үчүн сунушталган.

«Ички жол тармактарын иш стандарттарына келтирүү» позициясы боюнча такталган маалыматтар ортосунда дал келбестиктер 250,0 млн.сомду түзөт.

2021-жылга бекитилген Бюджет жөнүндө мыйзамга жана Мыйзамга карата 11-2-тиркемеге өзгөртүүлөрдү киргизүүсүз Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 29.12.2021-жылдагы №349-р буйругу менен мамлекеттик инвестициялар программасынын эсебинен 250,0 млн.сом Балыкчы-Боконбаево-Каракол автожолун реконструкциялоонун алкагында аткарылган иштер үчүн төлөөгө бөлүнгөндүгү белгиленген.

**Корутунду**

Минтранстын бюджеттик программалардын натыйжалуулук индикаторлорунун пландык/такталган көрсөткүчтөрүнө жетүү жөнүндө отчетто 2021-жылга каралган бюджет жөнүндө мыйзамда чагылдырылган программалар боюнча бекитилген жана такталган суммалары менен дал келбестиктер бар. Эл аралык транспорттук чектерди реабилитациялоо позициясы боюнча бекитилген көрсөткүчтөрдүн дал келбестиги 85,0 млн.сомду, орто жана жогорку кесиптик авиациялык билим берүү позициясы боюнча – 2,1 млн.сомду түзгөн.

2021-жылга бекитилген Бюджет жөнүндө мыйзамга жана Мыйзамга карата 11-2-тиркемеге өзгөртүүлөрдү киргизүүсүз Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 29.12.2021-жылдагы №349-р буйругу менен мамлекеттик инвестициялар программасынын эсебинен 250,0 млн.сом Балыкчы-Боконбаево-Каракол автожолун реконструкциялоонун алкагында аткарылган иштер үчүн төлөөгө бөлүнгөн.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлиги:**

- бюджеттик программалардын натыйжалуулук индикаторлорунун пландык/такталган көрсөткүчтөрүнө жетүү жөнүндө отчетто туура эмес маалыматтардын киргизилишине жол берген адамдардын жоопкерчиликтери кароого алынсын;
- бюджеттик программалардын натыйжалуулук индикаторлорунун пландык/такталган көрсөткүчтөрү боюнча отчеттогу көрсөткүчтөрдүн маанилердин тиешелүү бюджеттик жылга бюджет жөнүндө мыйзамга ылайык бекитилген/такталган көрсөткүчтөргө дал келишин камсыздоо.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги**

- Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети 29.12.2021-жылы мамлекеттик инвестициялар программасынын эсебинен Балыкчы-Боконбаево-Каракол автожолун реконструкциялоонун алкагында аткарылган иштер үчүн төлөөгө 250,0 млн.сом бөлүү жөнүндө №349-р буйругу кабыл алгандыгына байланыштуу 2021-жылга Бюджет жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү көзөмөлдөбөгөн тиешелүү адамдардын жоопкерчилиги кароого алынсын.

**Мамлекеттик карыздын абалын жана тескөөнү иликтөө**

31.12.2021-жылы мамлекеттик карыздын өлчөмү 5 150,94 млн. АКШ долларын түзгөн (436 586,84 млн. сом), алардын ичинен:

- мамлекеттик тышкы карыз - 4 298,30 млн. АКШ доллары (364 318,06 млн. сом), же 83,4%;
- мамлекеттик ички карыз - 852,64 млн. АКШ доллары (72 268,78 млн. сом), же 16,6%.

2021-жыл үчүн ИДӨгө карата мамлекеттик тышкы карыздын катышы 50,38% түзгөн. Бардыгы болуп ИДӨгө карата мамлекеттик карыз 2021-жылы 60,38% түзгөн.

2021-жылы жалпы 353,1 млн. АКШ доллары суммасына кредиттик жана гранттык макулдашууларга кол коюлган (121,2 млн. АКШ доллары - гранттар, 231,9 млн. АКШ доллары – кредиттер), алардын ичинен инвестициялык жардамга - 261,6 млн. АКШ доллары, программалык жардамга 91,5 млн. АКШ доллары.

2021-жылы кредиттик/гранттык каражаттарды сунуштаган негизги донорлор катары төмөнкүлөр саналат: АБР 190,7 млн. АКШ доллары суммасына (54,0%), Дүйнөлүк банк 54,0 млн. АКШ доллары суммасына (15,3%), ЕББР 38,0 млн. АКШ долларына (10,8%), ИБР 20,0 млн. АКШ долларына (5,7%) жана башкалар.

Бул каражаттардын ичинен каржылоонун олуттуу көлөмү төмөнкү тармактарга берилген: транспорт - 142,5 млн. долл., же бардык жардамдын ичинен 40,4%, экономика – 80,0 млн. долл. (22,7%), саламаттыкты сактоо – 45,0 млн. долл., же 12,7%, өзгөчө кырдаалдарга – 35,0 млн. долл., же кол коюлган кредиттик/гранттык макулдашуулардын жалпы суммасынын 9,9%[21].

**Аныкталды**

2021-жыл үчүн республикалык бюджетти аткаруу жөнүндө отчетто мамлекеттик карызды аткаруу боюнча маалыматтар төмөнкү кредиттер боюнча бурмаланган:

- Сауд өнүктүрүү фондунун «Тараз-Талас автожолу» долбоору боюнча кредит, III фаза, негизги карыз боюнча 21 248,2 миң сом пайыздарды төлөө катары, ал эми пайыздарды төлөөгө жумшалган 3 092,7 миң сом негизги сумма катары көрсөтүлгөн;

- АБИИ «Жеке жана финансы секторун ыкчам колдоо» кредити боюнча 0,04 млн. сомдун ордуна 0,1 млн. сом көрсөтүлгөн.

**Корутунду**

2021-жыл үчүн республикалык бюджетти аткаруу жөнүндө отчетто төмөнкү долбоорлор боюнча Сауд өнүктүрүү фондунун жана АБИИ кредиттери боюнча мамлекеттик карызды аткаруу жөнүндө отчеттук маалыматтарды бурмалоо аныкталган:

- «Тараз-Талас автожолу» (III фаза)" негизги сумма боюнча 21 248,2 миң сом жана пайыздар боюнча 3 092,7 миң сом. 21 248,2 миң сом өлчөмүндө сумма пайыздарды төлөө катары, ал эми 3 092,7 миң сом суммасы негизги сумма катары көрсөтүлгөн;

- «Жеке жана финансы секторун ыкчам колдоо» бюджетти аткаруу жөнүндө отчетто 0,04 млн. сомдун ордуна 0,1 млн. сом көрсөтүлгөн.

[21] мамлекеттик карыздын абалы жөнүндө кеңири маалымат 7-тиркемеде келтирилген.

**Сунуш-көрсөтмө**

2021-жыл үчүн республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко корректировкалар киргизилсин:

- «Мамлекеттик карыз» бөлүгү боюнча жалпы алганда негизги суммалар жана пайыздар боюнча жана Кредиторлор боюнча маалыматтарды оңдоо менен (Сауд өнүктүрүү фонду жана АБИИ боюнча);

- 2021-жылга мамлекеттик карызды тескөө боюнча финансылык отчетто (бухгалтердик баланста);

- Борбордук казыналыктын 2021-жыл үчүн консолидацияланган отчетто.

**Мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун бюджетинин аткарылышы**

**Аныкталды**

МИП бюджетинин 12,3% төмөндөшү Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 89-беренесине каршы келет, анда бюджетти түзүүнүн мурдагы циклдеринде каралган көрсөткүчтөрдөн 3% ашпаган бюджеттик көлөмдүн төмөндөшү каралган.

Киргизилген корректировкалар Минфин жана аткаруучу агенттиктер тарабынан МИП төмөн сапатта пландаштырууну, иштеп жаткан инвестициялык долбоорлор боюнча болжолдонуп жаткан сарптоолордун өлчөмүн аныктоо боюнча зарыл чаралардын жана так эсептөөлөрдүн жоктугун, ошондой эле Минфин тарабынан республиканын экономикасына мамлекеттик инвестицияларды тартууда талаптагыдай иликтөө ишинин жүргүзүлбөгөндүгүн тастыктайт.

Кредиттик каражаттардын эсебинен тышкы каржылоо боюнча МИП бюджетин аткаруу 83,4% түзгөн же 3 570,5 млн. сом өздөштүрүлгөн эмес, гранттык каражаттардан – 78,8%, 2 282,2 млн. сом өздөштүрүлгөн эмес; ички каржылоо боюнча 237,0 млн. сом өздөштүрүлгөн эмес, же республикалык бюджеттен кошо каржылоо суммасынын 14,5%ы.

Финансылык каражаттарды начар өздөштүрүүнүн негизги себептери катары Минфин тарабынан кол коюлган билдирүүлөрдүн донорлор тарабынан төлөөнүн кечиктирилиши, аткаруу агенттиктеринин подрядчылар менен өз ара ишин жетишсиз алып баруусунун, мамлекеттик органдар тарабынан документтерди кароону кечиктирүүлөр, долбоорлордун алкагында тендердик процедуралардын узакка созулушу (подрядчыны тандоо), булар МИП бюджетин, аткарууда гана эмес, бүтүндөй долбоорлорду жүзөгө ашырууда олуттуу кечиктирүүлөргө алып келет.

Экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - МЭиК тарабынан ПГИнин натыйжалуулугуна баа берүү методикасы иштелип чыккан эмес.

**Корутунду**

ПГИ бюджетин 12,3% төмөндөтүү Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 89-беренесине каршы келет.

Жүргүзүлгөн корректировкалоолор ПГИни пландаштыруу сапатынын төмөндүгүн тастыктайт.

3 570,5 млн. сом суммасына ПГИ каражаттары өздөштүрүлгөн эмес. Финансылык каражаттарды начар өздөштүрүүнүн негизги себептери катары Минфин тарабынан кол коюлган билдирүүлөр үчүн төлөөнүн донорлор тарабынан кечиктирилиши, документтерди кароону кечиктирүүлөр, тендердик процедуралардын узакка созулуусу саналат.

ПГИнин натыйжалуулугуна баа берүү методикасы иштелип чыккан эмес.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги**

Колдонуудагы инвестициялык долбоорлорду жүзөгө ашыруунун болжолдуу сарптоолорун жана мөөнөттөрдүн өлчөмүн аныктоо боюнча так эсептерди колдонуу менен ПГИнин бюджетин пландаштырууда керектүү сумманын талаптагыдай иликтенишин камсыздоо.

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 89-беренесинин ченемдерине ылайык ПГИ бюджетине өзгөртүүлөр киргизилсин, анда бюджетти түзүүнүн мурдагы циклдеринде 3% ашпаган көрсөткүчтөр каралган.

Белгиленген тартипте мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорунун натыйжалуулугун баалоо методикасын иштеп чыгуу жана бекитүү камсыздалсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги менен биргеликте долбоордон кийинки мезгилде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.05.2019-жылдагы №232 токтому менен бекитилген Мамлекеттик инвестицияларды башкаруу боюнча жобого ылайык долбоорлордун жүзөгө ашырылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды**

«Токтогул ГЭСин реабилитациялоо Фаза-2» долбоорун жүзөгө ашыруунун алкагында 2016-жылы тендерди даярдоо боюнча иштер башталган, анын жыйынтыгы боюнча «Электр станциялары» ААК тарабынан 12.02.2018-жылы «GE Hydro France» (Франция) жана «GE Renewable» (Швейцария) консорциуму менен 6 023,0 миң АКШ доллары, 54 682,0 миң евро жана 119 415,2 миң сом (тендердик сунушту баалоо учуруна карата бардыгы 64 972,8 миң АКШ доллары) суммасына 2 жана 4 агрегаттарды алмаштыруу боюнча иштерди жүргүзүү үчүн контракт түзүлгөн. Тендер процесси 1,5 жыл бою жүргүзүлгөн.

Бирок, чектөө чараларынын киргизилиши (COVID 19) контракттар боюнча иштерди аткаруу графигине таасирин тийгизген. Токтогул ГЭСинде 4-гидроагрегатты алмаштыруу иштери 2021-жылдын март айында башталган. Контракттын шарттарына ылайык иштер 2021-жылдын ноябрь айында бүткөрүлүүгө тийиш эле, алар гидроагрегатты алмаштыруу үчүн жабдууну жеткирүү кечиктирилгендиктен белгиленген мөөнөттө өткөрүлгөн эмес. Жабдуу 2021-жылын ноябрь айынан декабрь айына чейин Кыргызстан менен Кытай жана Казакстандын чек араларында турган.

Контракттын жалпы шарттарынын 45.2-пунктуна ылайык Тараптар аны кароо жана чечүү үчүн Талаш маселелер боюнча кеңеш дайындаган. ОРП Талаш маселелер боюнча кеңешке донордун каражаттарынын эсебинен 82,5 миң АКШ долларын төлөп берген.

Контракттын атайы шарттарынын 26.2-пунктуна ылайык шарттар аткарылбагандыгы үчүн айыптык санкциялар белгиленүүгө тийиш эле, алар контракттын суммасынан 10% же 602,3 миң АКШ долларынан, 5 468,2 миң евро жана 11 941,5 миң сомдон ашпоого тийиш.

**Корутунду**

«Токтогул ГЭСин реабилитациялоо Фаза-2» долбоору боюнча тендер процесси 1,5 жыл бою жүргүзүлгөн.

Чектөө чараларынын киргизилиши (COVID 19) контракттар боюнча иштерди аткаруу графигине таасирин тийгизген.

Контракттын шарттарына ылайык, шарттар аткарылбагандыгы үчүн 602,3 миң АКШ доллары, 5 468,2 миң евро жана 11 941,5 миң сом суммасында айыптык санкциялар белгиленүүгө тийиш эле.

**Сунуш-көрсөтмө**

**«Электр станциялары» ААК**

Талаш маселелер боюнча кеңеш менен биргеликте Контракттын атайы шарттарынын 26.2-пунктуна ылайык шарттар аткарылбагандыгы үчүн «GE Hydro France» (Франция) жана «GE Renewable» (Швейцария) Консорциумунан 602,3 миң АКШ доллары, 5 468,2 миң евро жана 11 941,5 миң сом суммасында айыптык санкцияларды өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

ПГИни жүзөгө ашыруу боюнча начар администрациялоонун натыйжасында кредиттик ресурстардын өз убагында өздөштүрүлбөшү республикалык бюджеттен жоготууларга алып келген.

ПГИни жүзөгө ашыруу мөөнөтү кечиктирилгендиктен жана каражаттар өздөштүрүлбөгөндүктөн 2021-жылы республикалык бюджеттен 562,8 миң АКШ доллары жана 216,7 миң евро өлчөмүндө комиссиялык төлөм төлөнгөн, бул жалпы 69,1 млн. сом суммасына эквиваленттүү.

2021-жылы ички мамлекеттик жол-жоболорду кечиктирүүдөн улам жалпы 95,7 млн. АКШ доллары суммасына 3 долбоор ишке киргизилген, анын ичинде:

- шаар транспортун электрофикациялоо 50,7 млн. АКШ долларына (АБР), алардын ичинен кредит 25,0 млн. АКШ доллары жана грант 25,7 млн. АКШ доллары;
- Азия-Тынч океан регионунда вакциналарды керектөө механизминин алкагында COVID-19 каршы эмдөөнү колдоо 25,0 млн. АКШ долларына (АБР), алардын ичинен кредит 12,5 млн. АКШ доллары жана грант 12,5 млн. АКШ доллары;
- Ысык-Көл айланма автожолун реконструкциялоо 20,0 млн. АКШ долларына (кредит ИБР).

«Ысык-Көл айланма автожолун реконструкциялоо» долбоору Кыргыз Республикасынын 17.12.2021-жылдагы №152 мыйзам менен кабыл алынган 2021-жылдын такталган бюджетине 4 305,0 млн. сом өлчөмүндө киргизилген.

**Корутунду**

Макулдашуунун шарттарына ылайык тышкы кредиторлорго 2021-жылы 69,1 млн. сом суммасында кредиттин Өздөштүрүлбөгөн бөлүгү үчүн комисси төлөнгөн, бул республикалык бюджеттен каражаттарды жоготууга алып келген.

2021-жылы ички мамлекеттик жол-жоболорду кечиктирүүдөн улам жалпы 95,7 млн. АКШ доллары суммасына 3 долбоор ишке киргизилген.

Мында, «Ысык-Көл айланма автожолун реконструкциялоо» долбоору Кыргыз Республикасынын 17.12.2021-жылдагы №152 мыйзам менен кабыл алынган 2021-жылдын такталган бюджетине 4 305,0 млн. сом өлчөмүндө киргизилген.

**Сунуш-көрсөтмө**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

Мамлекеттик инвестициялар долбоорлорун аткарууга кредиттик каражаттарды алган жана алардын натыйжалуу жана максаттуу багытта колдонулушун камсыз кылбаган министрликтердин жана ведомстволордун тиешелүү кызмат адамдарынын жеке жоопкерчилиги кароого алынсын[22].

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Жүзөгө ашырууда үзгүлтүктөргө жана кредиттик ресурстардын өздөштүрүлбөшүнө жол бербөө менен мамлекеттик инвестициялар долбоорлорун жүзөгө ашыруу боюнча администрлөө чаралары күчөтүлсүн.

Республикалык бюджеттин ресурстук бөлүгүнө түшүүлөрдүн/азайуулардын суммаларын пландаштыруу жана тактоо донорлордон иш жүзүндө түшкөн каражаттарды жана бөлүнгөн каражаттарды пайдалануунун айкын мөөнөттөрүн эске алуу менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

2021-жылы 119,1 млн. АКШ доллары суммасына кол коюлган макулдашуулардын ичинен 105,9 млн. АКШ доллары суммасына 10 долбоор аяктаган.

Аткаруу агенттиктери тарабынан Минфинге бүткөрүлгөн долбоорлор боюнча тиешелүү отчеттор берилген эмес.

34 долбоор боюнча эсептердеги пайыздардын суммасы 48,5 млн.сомду түзгөн (аудитин жүрүшүндө бюджетке чегерилген).

**Корутунду**

Аткаруу агенттиктери тарабынан Минфинге бүткөрүлгөн долбоорлор боюнча тиешелүү отчеттор берилген эмес жана жалпы 48,5 млн.сом суммасындагы пайыздар эсептерден которулган эмес.

**Сунуш-көрсөтмө**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

[22] Мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорунун аткарылышына жүргүзүлгөн толук талдоо 8-тиркемеде

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.05.2019-жылдагы №232 “Мамлекеттик инвестицияларды башкаруу боюнча жобону бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Мамлекеттик инвестицияларды башкаруу боюнча жобого ылайык, мамлекеттик инвестициялар боюнча бүткөрүлгөн долбоорлор боюнча каражаттар калдыгы республикалык бюджетке чегерүүлөр камсыздалсын.

Туруктуу негизде коммерциялык банктардагы долбоорлордун атайын эсептериндеги каражаттар калдыгына мониторинг жүргүзүлүп турсун жана эсептелген пайыздардын бюджет кирешесине Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 106-беренесинин 10-пунктуна ылайык которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Бюджеттик колдоого программалык жардам**

**Аныкталды**

2021-жылга бекитилген бюджетте программалык колдоо 6 954,7 млн. сом суммасында пландаштырылган. Такталган бюджетте болжолдоо 16 006,9 млн. сомду түзгөн, иш жүзүндө 11 403,1 млн. сомго аткарылган, анын ичинде гранттык жардам боюнча 5 261,2 млн. сомго, кредиттик каражаттар – 6 138,9 млн. сом, же такталган бюджеттен 4 603,8 млн. сомго аз.

Бюджеттин аткарылбай калышынын негизги себеби катары 2021-жылдын акырында финансылык кредитти бөлүүгө билдирмени ЕФСР Кеңеши тарабынан кароону жана жактырууну кечиктирүү себебинен 5 950,0 млн.сом (70,0 млн. АКШ доллары) суммасына ЕФСРден бюджеттик колдоого алууга финансылык кредитин биринчи траншынын сунушталбашы саналган.

**Корутунду**

Программалык колдоо бюджетинин аткарылбай калышынын негизги себеби катары 2021-жылдын акырында финансылык кредитти бөлүүгө билдирмени ЕФСР Кеңеши тарабынан кароону жана жактырууну кечиктирүү себебинен 5 950,0 млн.сом (70,0 млн. АКШ доллары) суммасына ЕФСРден бюджеттик колдоого алууга финансылык кредитин биринчи траншынын сунушталбашы саналган.

**Сунуш**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Республикалык бюджеттин ресурстук бөлүгүнө түшүүлөрдүн/азайуулардын болжолдуу көрсөткүчтөрүн пландаштыруу донорлордон иш жүзүндө түшкөн каражаттарды эске алуу менен жүргүзүлсүн.

**Эл аралык уюмдарга жана интеграциялык бирикмелерге мүчөлүк, үлүштүк төгүмдөрдү каржылоо**

**Аныкталды**

Финансы министрлиги берген маалыматтарга ылайык, эл аралык уюмдар жана интеграциялык бирикмелер алдындагы кредиттик карыз 2021-жылдын башында 1 022,6 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.12.2015-жылдагы №817 “Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдар, интеграциялык бирикмелер жана эл аралык келишимдик органдар менен кызматташуусунун

натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө" токтомун сактабастан, 2021-жылы мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө үчүн эл аралык уюмдардын тизмеси боюнча ТИМдин сунушу жок туруп, Финансы министрлиги өз алдынча эл аралык уюмдар жана интеграциялык бирикмелердин тизмесин аныктабастан, 2021-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен бекитилген жана жалпы мамлекеттик чыгымдарга киргизилген, 500,0 млн.сом суммасындагы бюджетти түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.04.2021-жылдагы №98-б буйругу менен, 535,0 млн. сом суммасында 2021-жылга мүчөлүк, үлүштүк төгүмдөрдү төлөө боюнча 39 эл аралык уюмдун тизмеси бекитилген. Буга байланыштуу, эл аралык милдеттенмелерди аткаруу үчүн, такталган бюджет менен сумма 535,0 млн. сомго чейин жеткирилген.

Факты жүзүндө 529,7 млн.сом суммасында мүчөлүк, үлүштүк төгүмдөр төлөнгөн же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.04.2021-жылдагы №98-б буйругу менен каралган суммадан аз.

2021-жылга кредиттик карыз 950,2 млн.сомду түзгөн же жыл башына салыштырмалуу 72,4 млн. сомго аз.

**Корутунду**

Финансы министрлиги тарабынан эл аралык келишимдер боюнча кабыл алынган милдеттенмелерди аткарууну караган, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 32-беренсин сактоо камсыздалган эмес.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишим милдеттенмелери алкагында төлөм мөөнөтүн сактоо жана карызды төлөө бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.12.2015-жылдагы №817 токтому толук эмес көлөмдө аткарылат.

ТИМ тарабынан мамлекеттик орган менен биргелешип, эл аралык уюмдар алдындагы карызды реструктуризациялоо же эсептен чыгаруу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлбөйт.

**Сунуш**

**Финансы министрлигине**

Мамлекеттик органдар менен мекемелердин маалыматтарынын негизинде, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишим милдеттенмелери алкагында төлөм мөөнөтүн сактоого туруктуу негизде мониторинг жүргүзүлсүн, ошондой эле, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 32-беренсин аткаруу менен, мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө жана карыздарды төлөө жүргүзүлсүн.

**Финансылык жана финансылык эмес активдерди тескөө боюнча жүргүзүлгөн операциялар боюнча Финансылык-кредиттик фондун иши**

Аудит тарабынан Фонддун ишинде негизги кемчиликтер белгиленген[23].

Бюджеттик каражаттар боюнча фонддун эсепке алуу тутумунда, республиканыны чарба жүргүзүү субъекттеринин карыздары көзөмөлгө

[23] Мамлекеттик Финансылык-кредиттик фонддун ишине деталдуу талдоо 9-тиркемеде

алынган, 01.01.2021-жылга - 179 584,3 млн. сом жана 01.01.2022-жылга - 188 928,1 млн.сом

Карыз калдыгынын түзүмүндө, абдан көп үлүштү энергетикалык комплекстин 139 705,3 млн.сом суммасындагы карызы ээлейт.

Карыз калдыгындагы бюджеттик кредиттердин мөөнөтү өткөн суммасы 01.01.2021-жылга - 6 261,0 млн.сомду жана 01.01.2022-жылга– 6 121,5 млн.сомду түзгөн. Мөөнөтү ткөн карыздын абдан чоң үлүшү 3 796,9 млн.сом суммасындагы чет элдик кредиттерге туура келет.

Бюджеттик кредиттердин мөөнөтү өткөн карыздарынын болушунун негизги себеби болуп, аларды кайтаруу кепилдигин жоктугу эсептелет.

Мындан сырткары, 01.01.2022-жылга карата эсепке алуу тутумунан сырткары, банкрот болгон ишканалардын 3 948,6 млн.сом суммасындагы карызы болгон.

2021-жылы 5 219,1 млн. сомго бюджеттик кредиттер тарizделген, анын ичинен 4 874,1 млн.сом өздөштүрүлгөн.

2021-жылга график боюнча 5 989,5 млн.сом, төлөнүүгө тийиш болсо, 2021-жыга бюджет жөнүндө Мыйзам менен, 5 018,7 млн.сом төлөм суммасы белгиленген, же график боюнча каралгандан 970,8 млн.сомго аз.

Натыйжада, 2021-жыга бюджет жөнүндө Мыйзамда, мөөнөтү өткөн карыздар бөлүгүн киргизбестен, бюджеттик кредиттерди төлөө боюнча келип түшүүлөр бекитилген, ал 01.01.2021-жылы 6 261,0 млн.сомду түзгөн.

Бюджеттик процесстин жүрүшүндө, 2021-жылга болжолдоо планында, бюджеттик кредиттерди кайтаруу боюнча тактоо киргизилип, ал 11 160,3 млн.сомду түзгөн.

Ошону менен бирге, 2021-жылга такталган болжолдоо планында, “саламаттык сактоо” тармагы боюнча кредиттерди (37,2 млн.сом) төлөө каралган эмес (төмөндөгү тармактар боюнча кредиттерди төлөө суммасы азайтылган: машина куруу (50,3 млн.сом), тамак-аш жана кайра иштетүүчү өнөр жайы (12,5 млн.сом), транспорт жана байланыш (5,8 млн. сом) жана башка тармактагы ишканалар (0,7 млн.сом).

Фонддун отчеттук маалыматтарына ылайык, такталган 11 160,3 млн.сом алдында болжолдоо планын аткаруу 11 284,5 млн.сомду же 101%ды түзгөн.

Ошону менен бирге, “МИК” ААКсына мамлекеттик колдоо көрсөтүүнү жана бөлүнгөн ссуданын эсебинен уставдык капиталды 5 180,1 млн. сомго көбөйтүүнү жана мурда алынган бюджеттик кредиттер боюнча карыздын негизги суммасын төлөөнү караган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети кабыл алган чечимдерге байланыштуу (27.07.2021-жылдагы №115-рб жана 07.12.2021-жылдагы №118-б буйруктар), бюджет 2021-жылы мурда берилген кредиттер үчүн пайыздарды төлөөгө тиешелүү 27 308,3 миң сом суммасын жеткире толук алган эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 09.08.2021-жылдагы №132-б буйругуна ылайык, микро, кичи жана орто ишканаларды экстренно колдоо долбоорунун алкагында, 8 коммерциялык банктарга Финансы министрлиги тарабынан чегерилген 175,0 млн. сом суммасындагы каражаттардын ичинен, жылдын аягында 7,4 млн. сом же 4,24% өздөштүрүлгөн.

Натыйжада, 2021-жылдын октябрынан декабрына чейинки мезгил аралыгында коммерциялык банктарда 167,6 млн. сом турган, алар 2021-жылдын декабрынын аягында өздөштүрүлбөгөн каражаттар катары кайтарылган.

Коммерциялык банктар тарабынан пайызсыз кредиттерди өздөштүрүү, ишкерлерге кредиттерди берүү жөнүндө маалыматтарды ЖМСКда чагылдыруу боюнча иштер начар жүргүзүлгөн.

Зайымчыга бюджетке салыктарды жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча өз милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылган шартта кредит берүүнү караган Бюджеттик кодекстин 31-беренесинин 2-пунктун сактабастан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 10.12.2021-жылдагы №326-б буйругуна ылайык, “Кыргыз темир жолу” Улуттук компаниясы” МИден 2018-2020-жылдарга таза кирешени чегерүү боюнча бюджет алдында карызды төлөөгө 500,0 млн. сом бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 06.08.2021-жылдагы №115 “2021-жылдын 28-30-апрелинде кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдын натыйжасында жабыр тарткан Баткен облусунун ишкердик субъекттерине зыяндын ордун толтуруу тартибин бекитүү жөнүндө” токтому менен, жабыр тарткан 76 берүүнү караган **15,2 млн сом** суммасындагы бюджеттик кредиттердин ичинен, 31.12.2021-жылы Фонд тарабынан 12,4 млн. сомго 62 кредиттик келишим таризделген.

Аудит, курамында башкы мамлекеттик инспекторлор - Токтоналиев А. (топтун жетекчиси), Жакшылыков А., Элебесов Б., Асаналиева Г., Суйналиева М., Ибраев А.Т.,Сатимбаев Ш.У.; мамлекеттик инспекторлор: Байтереков У.А., Бокешов Н., Зулуев С.Д., Исаков И.Э., Кайимов Н., Кочкорбаев А., Нуранов М., Шамурзаев С.С., Солпиева А.К., аналитиктер: Ибраимова Ч.И., Грачева В.И. туран аудит тобу тарабынан жүргүзүлгөн.

**Аудитор** **А.Т. Байгазаков**